







# ЕРӨБдүн 2024-2029-жылдарга Кыргыз Республикасындагы өлкөлүк стратегиясы

2024-жылдын 25-сентябрында Директорлор кеңеши тарабынан бекитилди

European Bank
for Reconstruction and Development

*Түп нусканын ушул котормосу окурмандын ыңгайлуулугу үчүн каралган ЕРӨБдүн котормонун акылга сыярлык деңгээлде так берилишине көрсөткөн аракетине карабастан банк тарабынан котормонун тактыгы кепилденбейт жана тастыкталбайт Окурман мындай котормо тексттердин мазмунуна өз тобокелдигине таянуу менен аракет кылат ЕРӨБ анын кызматкерлери же агенттери эч кандай жагдайларда окурмандар же башка жактардын алдында котормо тексттеги так эместиктер каталар боштуктар жана же өзгөрүүлөр аларды пайда кылган себептер ошондой эле анын натыйжасында келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик тартышпайт Англис тилиндеги текст менен котормо тексттин ортосундагы түшүнбөстүктөр же карама каршылыктар пайда болгон учурда артыкчылык англис тилиндеги текстке берилет*

# Мазмуну жана глоссарий

## Мазмуну


| | | |
|---|---|---|
| | Кыскача сыпаттама | 4 |
| | Кыргыз Республикасы – ЕРӨБдүн серептик маалыматы | 5 |
| I. | Мурунку стратегиянын ишке ашырылышы (2019-2024-жж.) | 6 |
| | Өткөөл мезгилдин мурунку стратегияны ишке ашырууда жетишилген жыйынтыктары | 6 |
| | Ишке ашыруу жолундагы кыйынчылыктар жана негизги сабактар | 8 |
| II. | Экономикалык контекст | 9 |
| | Макроэкономикалык контекст жана стратегиялык мезгилге карата перспективалар | 9 |
| | Өткөөл мезгилдин негизги кыйынчылыктары | 10 |
| III. | Өкмөттүн артыкчылыктары жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү | 12 |
| IV. | Кыргыз Республикасынын өлкөлүк стратегиясынын артыкчылыктарын аныктоо | 13 |
| V. | Иш-чаралар жана жыйынтыктардын түзүмү (матрица) | 14 |
| VI. | ЕРӨБ ишмердигинин багыттары боюнча эл аралык өнөктөштөрдүн өз ара толукталуу картасын түзүү | 17 |
| VII. | Ишке ашыруудагы тобокелчиликтер менен экологиялык жана социалдык натыйжалар | 18 |
| VIII. | Донорлор менен өнөктөштүктү баалоо | 19 |
| | Тиркеме – Саясий баа берүү | 20 |


## Негизги терминдердин глоссарийи

| | |
|---|---|
| БЖИ | Бизнеске ар жылдык инвестициялар |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| КБКБ | Кичи бизнес үчүн кеңеш берүүлөр |
| ИЧИНИ | Ишкер чөйрөнү жана ишканалардын натыйжалуулугун изилдөө |
| БААЭК | Борбор Азиялык аймактык экономикалык кызматташтык |
| ЖКУ | Жарандык коом уюму |
| ЭжС | Экологиялык жана социалдык |
| ЭжСС | Экологиялык жана социалдык саясат |
| ЭӨМӨ | Эрте өткөөл мезгилдүү өлкө |
| ЕАЭБ | Евразия экономикалык биримдиги |
| ЕБ | Европа биримдиги |
| ТЧИ | Тике чет өлкөлүк инвестициялар |
| ФИ | Финансы институту |
| ЖШИП | «Жашыл шаар» иш-аракеттер планы |
| ИДП | Ички дүң продукт |
| ПГ | Парник газы |
| HIPCA | Климаттын өзгөрүшү менен күрөшүү үчүн жогорку натыйжалуу өнөктөштүк |
| ГЭС | Гидроэлектрстанциясы |
| KyrSEFF | Кыргызстанда жашыл экономиканы каржылоо программасы |
| ӨЖСА | Өнөр жай, соода жана агробизнес |
| МКТ | Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар |
| ЭЭА | Эл аралык энергетикалык агенттик |
| ЭФК | Эл аралык финансы корпорациясы |
| ЭФИ | Эл аралык финансы институту |
| ЭЭУ | Эл аралык эмгек уюму |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фонду |
| МТ | Маалыматтык технологиялар |
| СЖ | Сол жак |
| ЛНИ | Логистикалык натыйжалуулук индекси |
| ӨжКК | Өндүрүш жана кызмат көрсөтүүлөр |
| ТКБ | Табигый капиталды баалоо |
| УДАС | Улуттук деңгээлде аныкталуучу салым |
| ТТК | Тейленбей турган кредиттер |
| ФИӨ | Финансылык институттар-өнөктөштөр |
| МЖӨ | Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк |
| ЭККБ | Энергиянын калыбына келүүчү булактары |
| ОТ | Оң жак |
| ТБП | Тобокечиликтерди бөлүштүрүү программасы |
| КБКФ | Кичи бизнеске көмөктөшүү фонду |
| ШЭКУ | Швейцариянын экономикалык кызматташтык уюму |
| СЭСБ | Стратегиялык экологиялык жана социалдык баалоо |
| ЧОИ | Чакан жана орто ишканалар |
| ТК | Техникалык кызматташтык |
| ЖЭЖ | Жалпы энергожабдуу |
| СКП | Соода каржылоо программасы |
| ТЭТМ | Транскаспий эл аралык транспорттук маршруту |
| ДБ | Дүйнөлүк банк |
| ДЭӨП | Дүйнөлүк экономиканын өнүгүү перспективалары |
| БА | «Бизнестеги аялдар» программасы |
| БЖ | «Бизнестеги жаштар» программасы |

# КЫСКАЧА СЫПАТТАМА

European Bank
for Reconstruction and Development

Кыргыз Республикасы 1-Берененин саясий принциптерин жана аларды Банкты түзүү жөнүндөгү беренелерде белгиленгендей колдонууну жактай тургандыгынан тайбайт. Бирок мурунку өлкөлүк стратегияны 2019-жылы бекиткенден кийинки мезгилде анын ишке ашырылышы ырааттуу эмес болуп, айрым аспектилеринде артка кеткен. Көз карандысыздыкка ээ болгондон тартып демократияга жана адам укуктарына мониторинг кылууга жооптуу эл аралык органдар, албетте, аймактык контекстте алганда, Кыргыз Республикасына жалпысынан оң баа берип келишкен. Бирок акыркы жылдары алар көз карандысыз ЖМКнын жана жарандык коомдун абалы сыяктуу чөйрөлөрдө көрсөткүчтөрдүн такай жана олуттуу начарлашына тынчсызданганд ыкты бир канча ирет билдиришти.

Кыргызстандын экономикасы Ковид-19 пандемиясы, саясий туруксуздук, тышкы экономикалык жана геосаясий толкундоолорго карабастан, өсүүнүн оң динамикасын сактоо менен, кыйынчылыктар шартында туруктуулугун көрсөттү. Өлкөдөгү алтын казып алуучу ири «Кумтөр» ишканасында алтынды өндүрүү кыскаргандан кийин, текстиль жана фармацевттик өнөр жай, ошондой эле мейманкана бизнеси жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү сыяктуу тармактар ылдам өнүгө баштады. Мындай өнүгүү экономиканын диверсификациясына гана өбөлгө түзбөстөн, акча которуулардан көз карандылыкты төмөндөтүүгө да көмөктөштү. Эмгек өндүрүмдүүлүгү аймактагы эң төмөнкүлөрдүн бири бойдон, ал эми расмий эмгектенген жумушчулардын үлүшү эл аралык стандарттар боюнча төмөн бойдон калууда. Башкаруу көйгөйлөрү, анын ичинде коррупция жана мамлекеттик башкаруунун натыйжалуу эместиги туруктуу экономикалык өсүштө кыйынчылыктарды жаратуусун улантууда.

Мындай кыйынчылыктарга карабастан, негизги реформалар жүргүзүлдү. 2021-жылдын башынан тартып салык жана бажы реформалары акырындык менен киргизиле баштап, бейформал рыноктун азаюусуна өбөлгө түзүүдө, расмий ЧОИ үчүн иштөө шарттарын теңдөөгө жана мамлекеттик кирешени көбөйтүүгө көмөктөшүүдө. Жаңы режимге өтүү (формалдаштыруу) көпчүлүк ЧОИ үчүн кыйынчылыктар менен коштолсо да, ишканалар акырындык менен көнүп келе жатышат. Мамлекеттик сектордо эмгек акынын жогорулашы мамлекеттик кызматтын потенциалынын өсүшүнө жана коррупциянын чектелишине мүмкүнчүлүк берди.

Кыргыз Республикасы экономикалык реформаларды жүргүзүүдө анча илгерилебеген өлкөлөргө мүнөздүү көйгөйлөр, анын ичинде эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн стагнациясы, эскирген инфраструктура, аз мамлекеттик чыгымдар жана алсыз башкаруу менен күрөштү улантууда. Банк секторунун жогору ликвиддүүлүгүнө карабастан, корпоративдик насыялоонун көлөмдөрү орто бойдон калууда. Экономиканын жетишерлик эмес диверсификациясынан, соода жана инвестициялар жагынан Россия менен Кытайга көз карандылыгынан, ошондой эле геосаясий факторлордон улам, өлкө тышкы толкундоолорго аялуу. Андан сырткары, гидроэнергетикадан көз карандылыгын жана мөңгүлөрдүн эрүүсүн эсепке алганда, Кыргыз Республикасы климаттык кубулуштардын алдында өзгөчө алсыз. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экономикалык артыкчылыктарынын арасында сууга жетүүнү камсыздоо, электрэнергиясына тарифтерди реформалоо, энергонатыйжалуулукту жогорулатуу, ошондой эле экономиканын агроөнөржай комплекси жана өндүрүш сыяктуу түйүндүү секторлорунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу бар. ЕРӨБ бул маселелерди чечүүдө Кыргыз Республикасына көмөк көрсөтүү, анын ичинде энергетикалык жана инфраструктуралык секторлорго активдүү катышуу, ЧОИни жана калктын аз камсыз болгон катмарларын колдоо, «жашыл» насыяларды берүү, коммуникациялык мүмүнчүлүктөрдү кеңейтүү, ошондой эле саясий реформаларды жайылтуу жана мамлекеттик башкарууну бекемдөө максатында кеңеш берүү жолу менен көмөктөшүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Ушундай ой-пикирлердин негизинде Банк Кыргыз Республикасында 2024-2029-жылдар аралыгындагы мезгилде төмөнкү стратегиялык артыкчылыктарды карманууга ниеттенет:

1. Жеке сектордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн колдоо, өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана экспорттук рынокторго жетүүсүнүн эсебинен анын экономикага катышуусун кеңейтүү
2. Туруктуу инфраструктуранын жана коммуникациялардын өнүгүүсүн колдоо
3. Климаттык жактан туруктуу жана жакшы башкарылган экономиканы илгерилетүү


# Кыргыз Республикасы – ЕРӨБдүн серептик маалыматы

European Bank
for Reconstruction and Development


**ЕРӨБдүн Кыргыз Республикасындагы инвестициялык ишмердиги (2024-ж. август айына карата абалы боюнча)**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Портфолио | €236m | Иштеп жаткан долбоорлор | 79 |
| Уставдык капиталдагы үлүшү | 1% | Операциялык активдер | €80m |
| Жеке сектордун үлүшү[1] | 68% | Инвестициялардын таза көлөмү | €979m |


## БЖИ жана операциялар





## Инвестициялык портфелдин курамы




## Портфолионун динамикасы




## Өткөөл мезгилдеги бөштүктар[2]




## Кыргыз Республикасынын контексттик сан маалыматтары

| | Кыргызская Республика | Сравнители |
|---|---|---|
| **Калкы (млн. адам)[3] (2023)** | 7.16 | Казакстан (20,03)<br>Өзбекстан (36,8) |
| **Жан башына ИДП (МЖӨ, USD)[4] (2023)** | 7.10 | Казакстан (39,3)<br>Өзбекстан (9,72) |
| **Жаңы бизнестин тыгыздыгы[4] (Калктын 1 000 адамына каттоонун саны, 2020)** | 1.3 (2016) | Казакстан (3,5)<br>Өзбекстан (2,7) |
| **Жумушсуздук (%)[5] (2023)** | 4.9 | Казакстан (4.72)<br>Өзбекстан (6.8) |
| **Жаштар арасындагы жумушсуздук (%)[5] (2023)** | 8.2 | Казакстан (3,82)<br>Өзбекстан (10,97) |
| **Аялдардын эмгек ишмердигине катышуусу (%)[5] (2022)** | 56,66 | Казакстан (73,12)<br>Өзбекстан (43,56) |
| **Энергосыйымдуулук ЖЭЖ/ИДП (ГДж/2015 $)[6] (2021)** | 3,46 | Казакстан (3.48)<br>Өзбекстан (4,12) |
| **Чыгындылардын интенсивдүүлүгү/ ИДП (кгCO2/2015 $) (2021)[6]** | 0.3 | Казакстан (2020-ж. 0,5)<br>Өзбекстан (2021-ж. 0,4) |

1 Чогуу алгандагы банк инвестициялары: портфель боюнча 5 жылдык үзгүлтүксүз маалыматтар базасы; 2 Сал. ЕРӨБдүн өткөөл мезгил жөнүндө отчету 2023-2024-жж.; 3 ЭВФ WEO; 4 ДБтын ишкердик боюнча сереби жана маалыматтар базасы; 5 ЭЭУ; 6 ЭЭА


# 1. Мурунку стратегиянын ишке ашырылышы (2019-2024)

## 1.1. Өткөөл мезгилдин мурунку стратегияны ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген негизги жыйынтыктары (1/2)


European Bank
for Reconstruction and Development

**Стратегиялык макулдашуу 2019-2024**

**Бизнеске чогуу алгандагы ар жылдык инвестициялар (БЖИ)**




**Техникалык колдоо жана инвестициялык гранттар**




**Өткөөл мезгилге таасир этүүнүн натыйжалуулугу[1]**




**1-артыкчылык** | **Каржылоого жетүүнү кеңейтүүнүн, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ассортиментин кеңейтүүнүн жана бизнес жүргүзүү шарттарын жакшыртуунун эсебинен атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу**

### Негизги сандык жыйынтыктар




### Өткөөл мезгилдин негизги жыйынтыктары

- Кыргыз Республикасында «Бизнестеги аялдар» (БА) аймактык программасын ишке киргизүү, анын натыйжасында 827 субзайымдар берилип, аялдар жетектеген 247 ишканага кеңеш берүүчүлүк кызматтар жеткиликтүү болгон.
- Экономика министрлигине Аялдар ишкердигин өнүктүрүү программасын иштеп чыгууга колдоо көрсөтүлгөн, программа Өкмөт тарабынан 2021-жылы кабыл алынган.
- ТБП кеңейтүү жана ӨФИнин КОБ менен ӨжКК жана агробизнес жаатында бүтүмдөргө катышуусун көбөйтүү, анын натыйжасында 2019-жылдан берки бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 35 млн доллардан ашкан.
- Климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту колдоо максатында энергия жана ресурснатыйжалуулукка инвестицияларга өсүп бараткан суроо-талапты канааттандыруу үчүн KyrSEFF IIIтө жакында бөлүнгөн 50 млн доллардын алкагында жаңы, инклюзивдик финансылык өнүмдөрдү киргизүүнүн эсебинен «жашыл» насыялоону кеңейтүү.
- Саясат маселелери боюнча такай кеңеш берүүнүн аркасында мамлекеттик башкарууну бекемдөө жана бизнестин шарттарын жакшыртуу. Сатып алуулар үчүн санариптик инструменттерди иштеп чыгуу жана киргизүүнү колдоо, электрондук сатып алуулар системасынын алкагында мамлекеттик сатып алуулардын отчеттуулугун жана мониторингин жакшыртуу. Электрондук мамлекеттик тендерлер үчүн маалыматтардын негизинде аудит методологиясын иштеп чыгууну жана киргизүүнү колдоо. Бизнес-акыйкатчы институтун түзүүгө колдоо көрсөтүлгөн, ал 3 жылдын ичинде 170ке жакын даттанууларды карап, ишканаларга 23 млн АКШ долларын үнөмдөөгө жардам берген.

1.Өткөөл процесске таасир этүү көрсөткүчтөрү келишимдерге кол коюуда долбоорлор өткөөл процесске таасир этүүдөн күтүлгөн жыйынтыктарга жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экенин чагылдырат. Активдүү жетилген (2 жылдан ашуун) портфелдин негизинде эсептелип чыгарылган.


# 1. Мурунку стратегиянын ишке ашырылышы (2019-2024)

European Bank
for Reconstruction and Development

## 1.1. Өткөөл мезгилдин мурунку стратегияны ишке ашыруунун жүрүшүндө жетишилген негизги жыйынтыктары (2/2)

**2-артыкчылык** | **Сооданы кеңейтүү жана трансчекаралык байланыштарды жакшыртуу жолу аркылуу көбүрөөк интеграцияга көмөк көрсөтүү**

### Негизги сандык жыйынтыктар





### Өткөөл мезгилдин негизги жыйынтыктары

- 11 млн евро өлчөмүндөгү инвестициялар темир жолдорду калыбына келтирүү боюнча маанилүү иштерди каржылоого жана кыргыз темир жолдорунун климаттык туруктуулугун колдоого багытталган, бул ЕРӨБдүн аталган өлкөдө иштей баштаган учурдан берки алгачкы темир жол долбоору болуп калды.
- Өлкөнүн транзиттик потенциалына жана Казакстан менен транспорттук байланышын жакшыртуу аркылуу аймактык интегрциясына көмөктөшүү максатында Ысык-Көл айланма автожолунун бөлүгүн калыбына келтирүүгө 44, 2 млн евро өлчөмүндө займ берилген, ал Жол секторун өнүктүрүүнүн 2025-жылга чейинки улуттук стратегиясында аныкталган артыкчылыктуу транспорттук магистралдардын бири жана Транскаспий эл аралык транспорттук маршрутунун (ТЭТМ же Орто коридор) бөлүгү катары маанилүү аймактык коридор болуп эсептелет.
- Экспорттук багыт алган ЧОИ үчүн жергиликтүү кеңеш берүүчүлүк долбоорлорго колдоо көрсөтүлүп, башка өлкөлөр менен соода кылууга түйүндүк мүмкүнчүлүктөр берилген. Чакан бизнес үчүн кеңеш берүүлөрдүн 82 кардары экспорттук сатуулардын өсүшү тууралуу билдиришти.
- Аймактык жана эл аралык соодага Соода каржылоо программасы аркылуу көмөктөшүү, натыйжада, жалпысынан 18 млн евродон ашык суммага 64 келишим түзүлгөн.
- Кант өндүрүүчү заводдор үчүн мобилдик тиркемени ийгиликтүү ишке киргизүү менен санариптештирүү долбоорлоруна колдоо көрсөтүү.

**3-артыкчылык** | **Бир кыйла экологиялуу жана коммерциялашкан коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу жана жеке сектордун катышуусуна көмөктөшүү**

### Негизги сандык жыйынтыктар




### Өткөөл мезгилдин негизги жыйынтыктары

- Бишкектин жашыл шаарларын өнүктүрүү боюнча иш-аракеттер планынын биринчи долбоорунун алкагында (GCAP) шаарга суюлтулган жаратылыш газы менен иштеген 124 автобус алынган, бул азыркы учурда шаарда колдонулуп жаткан дизелдик эскирген автомобилдерди алмаштырууга шарт түздү.
- Энергетикалык сектордогу иштерди программалык мамилени колдонуу менен жандандыруу: Лебединовка ГЭСин калыбына келтирүү жана модернизациялоого 13,8 млн евро өлчөмүндө каржылоо топтомун берип, EMEA Project Finance Aware Best Hydroelectric Power Deal сыйлыгын алды. Электрэнергиянын интеллектуалдык тиричилик эсептегичтерин сатып алуу жана аларды Ош, Жалал-Абад, Чүй областтарында жана Түп районунда орнотуу үчүн Кыргызстандын Улуттук электр түйүндөрүнө 13,5 млн евро өлчөмүндө насыя берди. Энергетика министрлиги менен кубаттуулугу 300 МВт чейинки жаңы шамал электрстанцияларын конкурстук тандап алууга даярдык боюнча иштер аткарылды.
- KyrSEFF программасынын алгачкы эки траншынын (KyrSEFF I жана II) ийгиликтүү аякташы. 3500дөн ашык долбоорлор каржыланган, бул болсо энергияны жылдык үнөмдөө дээрлик 200 000 МВт, сууну үнөмдөө 153 600 м3 жетишин жана CO2 жылдык чыгындыларынын 67 00 тоннадан ашык кыскарышын камсыздаган.

# 1. Мурунку стратегиянын ишке ашырылышы (2019-2024)

## 1.2. Ишке ашыруу жолундагы кыйынчылыктар жана негизги сабактар

European Bank
for Reconstruction and Development

### Ишке ашыруу үчүн контекст

2021-жылдагы президенттик шайлоолордон кийин саясий туруктуулук калыбына келгенине карабастан, реформаларды ишке ашыруу темптери төмөн бойдон калууда. Бийлик Россияга каршы киргизилген санкцияларды сактоо аракеттерин көргөнүнө карабастан, Кыргыз Республикасы мурдагыдай эле Россия менен соодага олуттуу түрдө көз каранды экендигин моюнга алуу зарыл, ал эми бейформалдыктын бийик деңгээли операциялык кыйынчылыктарды пайда кылуу жана кыргыз ишканалары үчүн экинчилик санкциялар коопсуулугун жогорулатуу менен, санкцияларды сактоодо көйгөйлөрдү жаратат. Андан сырткары, өлкөнүн соода ландашфтында кытай экспортунун өсүп бара жаткан ролу, Евразия экономикалык биримдигине интеграция, Өзбекстан жана Тажикстан менен чек ара маселелерин чечүү аймактык экономикалык өнөктөштүк динамикасынын өзгөрүүсүн күбөлөйт. Кыргыз Республикасын өзүнүн экономикалык ландшафтынын алкагында экономикалык реформаларды жүргүзүү жаатында анча илгерилебеген өлкөлөргө мүнөздүү болгон көйгөйлөргө, анын ичинде жетишсиз даярдыктагы жумушчу күчү, ички рыноктун анча чоң эмес өлчөмү, бейформалдыктын бийик деңгээли, сатуулар чынжырынын бузулушу жана калктын башка жакка кетүүсүнө тушугуусун улантууда. Стратегиянын иштөөсүнүн буга чейинки мезгилинде иш менен бейформал камсыз болууну азайтууга багытталган айрым чаралар көрүлгөн, бирок ал азыр деле кеңири орун алып, бизнес жүргүзүүгө тоскоолдук жаратууда. Алтынды экспорттоо 2022- жана 2023-жылдары токтоп калганы менен, өлкөнүн алдында кош милдет – алтын казып алуу өнөр жайынын өзгөрүлгүс маанисин казып алуучулук эмес тармактарга чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу зарылдыгы менен тең салмактоо милдети турат. Акча которуулар ИДПнын олуттуу үлүшүн түзөрүн эске алганда, өлкө тышкы толкундоолорго абдан аялуу бойдон калууда. Банк өлкөгө суу менен камсыздоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга, жеке сектордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, финансы секторун чыңдоого жана аймактык интеграцияга шарт түзүүгө жардам көрсөтүүдө түйүндүү роль ойноду.

### Ишке ашыруунун кыйынчылыктары

- Башкаруу чөйрөсүндөгү татаал кырдаал, түйүндүү кызыкдар тараптардын тез-тез алмашуусу жана чектелген институционалдык потенциалдар дарамет долбоорлорду даярдоо жана ишке ашырууну кечеңдетүүдө.
- Активдердин эскирүүсүнө, гидрологиялык циклдерге, ички суроо-талаптын өсүшүнө жана аймактык соода-сатык үчүн мүмкүнчүлүктөргө байланыштуу, генерациялоочу жаңы кубаттуулуктар зарыл болуп эсептелет.
- Тендерлерде мамлекеттик сектордун инфраструктуралык долбоорлорун ишке ашырууга кызыкдар тараптардын алсыз дарамети Банктан көбүрөөк убакытты жана долбоорлорду илгерилетүү үчүн күч-аракеттерди талап кылган олуттуу көйгөй болуп саналат.
- Операциялык чөйрө олуттуу көйгөйлөр, анын ичинде квалификациянын жетишсиздиги, контрагенттердин бир жактуу эмес мүмкүнчүлүктөрү, жеткирүүлөр чынжырындагы үзгүлтүктөр жана жергиликтүү валютада каржылоонун чектелген жеткиликтүүлүгү сыяктуу көйгөйлөр менен байланыштуу.

### Негизги сабактары жана кийинки иш-аракеттер

- Дараметти такай өстүрүү жана бардык кызыкдар тараптар менен мамилелерди чыңдоо ЕРӨБдөн жогорку активдүүлүктү жана өжөрлүктү талап кылат. Долбоорлордун натыйжалуу ишке ашырылышы өзүнө жетектөөчү ролду алуу жана өнөктөштөр менен бекем мамилелерди түзүү жөндөмүнөн көз каранды. Мындай иш бардык деңгээлдерде, анын ичинде ЭФУ жана донорлор менен тыгыз кызматташтыкта улантылууга тийиш.
- Өлкөдө гидроэнергетиканы жана күн энергетикасын өнүктүрүү үчүн олуттуу дарамет бар. Топтолгон тажрыйбага жана жеке секторду көп жылдан бери билүүгө таянуу менен, өлкөнүн инфраструктуралык долбоорлорго муктаждыгына активдүү жооп кылуу жана аларга катышуусун колдоо.
- Инвестициялар ЕРӨБдүн сатып алуулар, ошондой эле секторлор жана кызыкдар тараптардын ортосундагы өз ара аракеттенүүлөр жаатындагы тажрыйбасы менен бөлүшүү үчүн Банктын дарамети менен жетиштүү ресурстарын өстүрүүнү колдоо менен бекемделиши керек.
- ЧОИни колдоо үчүн жүгүртүү капиталын каржылоого көңүл борборун коюу, зайымчыларга кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берүү, жергиликтүү валютада каржылоо үчүн жергиликтүү өнөктөш-банктар менен иштөөнү улантуу. Финансы сектору менен бекем өнөктөштүк мамилелер ТБПны каржылоо программасынын алкагында түзүлгөн бүтүмдөрдүн рекорддук санына негиз болду.

# 2. Экономикалык контекст

## 2.1. Макроэкономикалык жана стратегиялык мезгилге перспективалар

European Bank for Reconstruction and Development

**Кыргыз Республикасы – Негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр**

| | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|
| **ИДП өсүшү** (% у-о-у) | -7.1 | 5.5 | 9.0 | 6.2 |
| **КБИ боюнча инфляция** (% орт.) | 6.3 | 11.9 | 13.9 | 10.9 |
| **Мамлекеттик баланс (ИДПдан %)** | -3.1 | -0.7 | -0.3 | 0.1 |
| **Эсептин учурдагы балансы (ИДПдан %)** | 4.5 | -8 | -46.5 | -31.8 |
| **ТЧИнин таза көлөмү (ИДПдан %)** ***[Минус агылып келүүнү көрсөтөт]*** | 4.9 | -2.4 | -2.5 | к/ж |
| **Тышкы карыз (КИЧнен %)** | 115.3 | 111.6 | 91.6 | к/ж |
| **Дүң резервдер (ИДПдан %)** | 32.9 | 31.2 | 22.4 | 22.6 |
| **Өкмөттүн дүң карызы (ИДПдан %)** | 63.6 | 56.2 | 49.2 | 47 |
| **Жумушсуздук деңгээли (%)** | 5.8 | 5.3 | 4.9 | к/ж |
| **Номиналдык ИДП ($млрд)** | 8.27 | 9.25 | 12.1 | 13.9 |

**2023-жылы** Кумтөрдө алтын өндүрүү 17 %га кыскарганына карабастан, жылдык эсептөөдө **өлкөнүн экономикасы 6,2 пайызга өскөн**. Өлкөнүн экономикасынын өсүшүнүн көрсөткүчтөрү өтө жогорку базадан (2022-жылы 9 %) жетишилгендиктен, өзгөчө таасирлентет. Текстилдик жана фармацевттик өндүрүш сыяктуу алтын өндүрбөөчү тармактар эки орундуу маанидеги темптер менен өнүктү. Туризмдин жандануусу мейманкана бизнесинин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн дүң жана чекене соода сыяктуу түрлөрүнүн өнүгүшүнө түрткү берди. Эл аралык соода-сатыктын активдүү өнүгүүсүн өзгөчө белгилей кетүү зарыл: 2023-жылы импорт жана экспорт жылдык эсептөөдө 26 жана 46,8 пайызга өскөн, бул, албетте, алтынды экспорттоо кайра улантылышына (бир жыл мурдагы 13 млн АКШ долларына салыштырмалуу 1,28 млрд АКШ доллары) жана ортомчулук соода-сатыктагы бумга байланыштуу болгон.

**Инфляциялык басым бошоңдогон.** Керектөө бааларынын жылдык инфляциясы 16,2 % туу чокусуна 2023-жылдын февралында жетип, андан кийин 2023-жылдын декабрында 7,3 %га чейин ылдыйлаган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2022-жылдын ноябрынан тартып ставканы 13 % деңгээлинде кармап турган.

**Салык реформалары жана соода-сатык активдүүлүгүнүн кескин өсүшү абдан жогорку бюджеттик көрсөткүчтөргө алып келген.** 2023-жылдын январь-ноябрь айларында бюджеттин кирешелери өткөн жылдын ошол мезгилине салыштырганда 35,2 %га өскөн. Салыктык администрациялоонун жакшыруусунан улам, КНСтан түшүүлөр өткөн жылдын ошол мезгилине салыштырганда 40,5 %га көбөйгөн; кирешенин салыктык жана салыктык эмес бардык булактарынан түшүүлөрдүн олуттуу өсүшүнө жетишилген. Чыгымдар да өскөн (24,6 %га), бирок бюджетте ИДПнын 2,7 %ы өлчөмүндөгү профицит байкалган.

**Кыска мөөнөттүк перспективада туруктуу өсүш күтүлүүдө.** Биз 2024-жылы экономиканын 7,0%га өсүшүн болжолдоп жатабыз, ага алтын өндүрүүнүн көбөйүшү (абдан төмөнкү базалык негизде), саясий туруктуулук жана фискалдык көрсөткүчтөрдүн жакшыруусу, ортомчулук соода-сатыктан түшкөн киреше, россиялык компаниялардын жана жеке адамдардын көчүп келүүсү, инфраструктурага мамлекеттик инвестициялар менен шартталган бийик ички суроо-талап, эмгек акынын жана акча которуулардын өсүшү, ошондой эле экспортко багыт алган текстилдик жана туристтик тармактардагы бум өбөлгө түзмөкчү. Ошондой болсо да, кыргыз компанияларына каршы экинчилик санкциялар, кыргыз товарларына жана жумушчуларга россиялык суроо-талаптын белгисиздиги, транспорттук кызмат көрсөтүүлөргө жана ортомчулук соода-сатык кызматтарга суроо-талаптын азайышы, ошондой эле Россиядан акча которуулардын көлөмүнө терс таасир тийгизүүчү рублдын наркынын өйдө-ылдый болуусу сыктуу потенциалдуу тышкы факторлордон улам аялуулук сакталууда.


# 2. Экономикалык контекст

## 2.2. Өткөөл мезгилдин негизги кыйынчылыктары (I/II)

**Атаандаштыкка жөндөмдүү (3.65)**

- BEEPS VI (2018-2020-жж.) акыркы маалыматтарына ылайык, бейформал экономика, саясий туруксуздук, коррупция, каржылоого жетүү жана квалификация кыргыз бизнеси үчүн бир кыйла актуалдуу көйгөйлөр болуп эсептелет. Чиновниктердин баасы боюнча, 2022-жылы боз (көмүскө) экономиканын үлүшү ИДПнын 20,2%ын түзөт. 2021-2023-жж. киргизилген салык жана бажы реформалары бизнес үчүн шарттарды теңдөөгө багытталган, бирок жаңы чаралар бейформал кеңири рыноктордогу майда соодагерлердин каршылыгына туш болууда. Кыргыз Республикасы көз карандысыздыктын башында радикалдуу деиндустриалдаштырууну башынан өткөрүп, эмгек өндүрүмдүүлүгүндө бир аз гана прогресске жетишүү менен, бардык атаандаштарынан артта калууда. Ошенте да алардын ИДПга үлүшү стагнацияланууда, бул өндүрүмдүүлүктү жогорулатуунун жоктугун жана өсүп бараткан фрагментацияны күбөлөйт. Ошентсе да, Кыргыз Республикасындагы ЧОИнин экспорттук дарамети аймактык компаниялардыкына караганда олуттуу жогору.

**«Боз» экономиканын үлүшү, ИДПдан %**





Булак: КР Улуттук статистикалык комитети

**Натыйжалуу башкарылуусу (4.11)**

- Саясий туруктуулукка жана саясаттын улануучулугуна жетүү, салыктардын чогулуусун жакшыртуу, уюшкан кылмыштуулук, коррупция жана бейформалдык менен күрөшүүнүн жакынкы кадамдары эл аралык баалоолордо чагылдырылбагандыктан, башкаруунун тиешелүү индикаторлору боюнча Кыргыз Республикасынын көрсөткүчтөрү аймактык орточо маанилерден артта калууда. 2021-жылдагы Конституция Президентке бардык деңгээлдеги соттору дайындоо укугун берген, бул болсо сот бийлигинин көз карандысыздыгын чектейт. Өкмөттүн чет өлкөлөрдөн каржыланган коммерциялык эмес уюмдардын ишмердигин жөнгө салууну катаалдаштыруу боюнча аракеттери Кыргыз Республикасы аймактык лидер болгон «добуштун» жана отчеттуулуктун көрсөткүчтөрүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн. 2018-жылы ишке киргизилген улуттук деңгээлдеги Түндүк онлайн-платформасы жарандардын мамлекеттик ар түрдүү кызматтарга жетүүсүн жакшыртты. Электрондук өкмөттү өнүктүрүү индекси КР институционалдык түзүмүн жогору өнүккөн деп баалаганы менен, санариптик башкаруунун ченемдик-укуктук базасы, маселен, мамлекеттик эмес субъектилерди электрондук өкмөттүн түзүмүнө кошуунун эсебинен өркүндөтүлүшү керек.

ДБ башкаруу көрсөткүчтөрү, 2022, -2,5тен (эң начар) 2,5ке (мыкты) чейинки шкала боюнча




Булак: Дүйнөлүк банк

**Жашыл (4.75)**

- Жан башына $CO_2$ чыгындылары аймактын башка өлкөлөрүнө салыштырганда, анча көп эмес, бирок абсолюттук чыгындылар өсүп жатат, анын натыйжасында өлкө ЕРӨБдүн операцияларынын өлкөлөрүнүн арасында жан башына чыгындылардын көлөмү боюнча 4-орунду ээлейт. Кыргыз Республикасында парник чыгындыларынын негизги булактары болуп энергетика, айыл чарбасы жана өнөр жай эсептелет. Өлкө өз алдына чыгындылардын нөлдүк деңгээлине жетүү милдетин койгон эмес, Ыңгайлашуунун улуттук планын жана декарбондоштуруунун узак мөөнөттүк стратегиясын сунуштаган эмес. Ошентсе да, 2050-жылга карата көмүртектик бейтараптуулукка жетүү боюнча узак мөөнөттүк стратегиянын концепциясынын долбоору иштелип чыккан, долбоорду иштеп чыгуу, болжолу, 2024-жылы аяктайт. Кыргыз Республикасы экономиканын энергия сыйымдуулугу боюнча ЕРӨБдө үчүнчү орунда турат. Бүткүл энергия балансынын 60%дан ашыгы казылып алынуучу отунга туура келет, анын 90%ы импорттолот. Электр энергиясын өндүрүүдө ири гидроэлектрстанциялар басымдуулук кылат. Акыркы жылдарда жетишилген байкаларлык прогресске карабастан, электр энергиясын берүүдөгү жоготуулар 2022-жылы өндүрүлгөндүн жалпы көлөмүнүн 15%ын түзгөн.

**Электрэнергияны берүүдөгү жоготуулар, электрэнергияны иштеп чыгуудан % менен**




Булак: КР Улуттук статистикалык комитети

European Bank
for Reconstruction and Development


# 2. Экономикалык контекст

## 2.2 Өткөөл мезгилдин негизги кыйынчылыктары (II/II)

**Инклюзивдик (4.31)**

- Жумушчу орундарын түзүү калктын өсүшүн кууп жете албай жатат, эмгек рыногу иш менен бейформал камсыз болуунун кеңири жайылгандыгынан, ошондой эле убактылуу, эпизоддук жана сезондук жумуштардан жапа чегүүдө, бул болсо жумушчуларды эмиграцияланууга мажбурлоодо.
- Аялдар сыяктуу эле, жаш ишкерлер да каржылоого жетүүдө кыйынчылыктарга туш болуу менен, жетишерлик камсыз болбогон тейден калып жатышат. Аялдар жетектеген фирмаларда насыялык линияны же финансы уюмунан зайым алуу мүмкүнчүлүгү 33%га аз.
- Көптөгөн кызматкерлер жогорку билим алышат, бирок өз иши үчүн жетишерлик квалификацияга ээ эмес, анткени фирмалардын 33%га жакыны жумушчу күчүнүн билими жетишерлик эместигин негизги тоскоолдук катары көрсөтүшөт.
- Аялдар мурдагыдай эле эмгек рыногунда жетишсиз эмес орун алса (эркектер арасындагы 77%га салыштырмалуу 48%), акы төлөнбөгөн үй жумушунда ашкере (72 %) алектенишкендиктен, салттуу гендердик ролдор сакталып келет.

**Белгилүү бир кесиптердеги аялдардын үлүшү, %**





Булак: КР Улуттук статистикалык комитети

**Интеграцияланган (3.91)**

- Географиялык шарттардан (негизинен, тоолуу жер), жетишсиз каржылоодон, жеке сектордун начар пландалышынан жана фрагментациясынан улам, логистика начар өнүккөн. Өлкөнүн логистикалык дараметин ачуу үчүн бытыранды логистикалык операциялардын консолидациясы, жабдууларды модернизациялоо, инвестициялар жана квалификация менен санариптик инфраструктураны жогорулатуу, бажы жана чек ара процедураларын оптималдаштыруу талап кылынат.
- Электр энергияны берүүнүн жана бөлүштүрүүнүн ички түйүндөрүн жакшыртуу жана өлкөнүн электр энергетикалык системасын коңшу өлкөлөр менен реинтеграциялоо жоготууларды кыскартуу жана энергетикалык коопсуздукту камсыз кылуудагы түйүндүү фактор болуп эсептелет.
- Алтын казып алууга чет өлкөлүк катышууга өкмөт тарабынан киргизилген чектөөлөрдөн улам, кирип жаткан ТЧИ кыскарган. Мындай төмөндөө кайра иштетүү өнөр жайына, энергиянын калыбына келүүчү булактарына жана башка секторлорго ТЧИ менен жарым-жартылай гана компенсацияланат.

**Логистикалык натыйжалуулук индексинин подшкалалары LPI (1ден=төмөнкү 5ке=жогорку чейин))**




Булак: Дүйнөлүк банк

**Туруктуу (4.54)**

- Суу жетишсиздигинин орто мөөнөттүү коркунучу суу секторун комплекстүү кайра кароону талап кылат. Мөңгүлөрдүн тездик менен эриши суунун агып келишинин үзгүлтүксүздүгүн начарлатат, бул гидроэлектрэнергияны иштеп чыгууга жана ирригацияга таасирин тийгизет. Демографиялык тенденциялардын жана айыл чарбасынын экстенсивдүү өнүгүшүнүн натыйжасында сууга болгон суроо-талаптын кыйшаюусуз өсүшүндө анын жетишсиздигинен улам, бул коркунучка өлкө абдан аялуу.
- Энергетикалык сектор көп жылдан берки жетишерлик эмес каржылоодон жапа чегүүдө, ал эми чыгымдарга туура келбеген тарифтер жана ченемдик-укуктук база энергиянын калыбына келүүчү булактарына инвестицияларга өбөлгө түзбөйт. Электр энергиясына, ошондой эле жылытуу жана ысык суу берүү кызматтарына тарифтерди эсептөөнүн жаңы методикалары киргизиле элек.
- Финансы рынокторунда банк сектору үстөмдүк кылат. Жогорку капиталдаштыруу жана жакшы абалына карабастан, ал каржылоонун туруксуз базасы менен иштебеген насыялардын салыштырмалуу бийик деңгээлине туш болууда.

**ЕРӨБдүн финансы рыноктоурунун өнүгүү индекси**




Булак: ЕРөБ

# 3. Өкмөттүн артыкчылыктары жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү

European Bank
for Reconstruction and Development

## 3.1 Мамлекеттик реформанын артыкчылыктары

2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы өлкөнүн узак мөөнөттүк өнүгүүсүнүн багыттарын аныктоону улантууда. Стратегиянын фокусу төмөнкү артыкчылыктарга топтолгон: атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жана экономикалык өсүштү жогорулатуу, натыйжалуу башкаруу программасын кабыл алуу, бардык жарандардын адамдык дараметин өнүктүрүү, экономикалык байгерчиликти жогорулатуу, социалдык жана аймактык өнүгүүгө көмөктөшүү, энергия алып жүрүүчүлөрдүн экспортун илгерилетүү жана санариптештирүү.

2021-жылы "Ковид-19" жана бир аз мурунку саясий толкундоолордун шарттарында Өкмөт 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүк программасын кабыл алган, ал кризисти жеңүүнүн өнүгүү үчүн узак мөөнөттүк тоскоолдуктарды четтетүү боюнча милдеттенмелерин камтыган чараларын бириктирет. Стратегия негизги алты багыттын айланасында түзүлгөн:

1. Мамлекеттик сектордун реформаларын: аткаруу бийлигинин, мамлекеттик финансыларды башкаруунун реформаларын, административдик-аймактык башкарууну реформалоону, фискалдык реформаны жана сот реформасын жүргүзүү.
2. Өнүгүү үчүн ресурстарды мобилдештирүү: транспорттук жана логистикалык инфраструктураны, суу ресурстарына жетүүнү жакшыртуу, жер реформасын жүргүзүү, иштиктүү жана инвестициялык климатты жакшыртуу, финансы рыногун өнүктүрүү.
3. Экономиканын түйүндүү секторлорун: гидроэнергетиканы, агроөнөржай комплексин, тоо-кен өнөр жайын, кайра иштетүү өнөр жайын жана туризмди өнүктүрүү.
4. Социалдык өнүктүрүүнү илгерилетүү: анын ичинде инклюзивдик өсүшкө көмөктөшүү, билим берүүнүн жана медициналык кызматтардын жеткиликтүүлүгү.
5. Тышкы саясат жана улуттук коопсуздук көйгөйдөрүн чечүү: чек араларды коргоо чараларын күчөтүү жана эл аралык оң имиджди калыптандыруу.
6. Адистештирилген өнүктүрүү артыкчылыктарын ишке ашыруу, анын ичинде шаар борборлорун модернизациялоо, айлана-чөйрөнү коргоо жана чыгындыларды мониторинг кылуу жолу менен туруктуу өнүгүүгө көмөктөшүү.

2023-жылдын февралында Кыргыз Республикасы 2040-жылга чейин Улуттук суу стратегиясын бекиткен. Такай болуучу суу кризистерине каршы туруу максатындагы документте суу секторун башкарууну өркүндөтүү, суу ресурстары жана ресурсүнөмдөөчү жүрүм-турумду өбөлгөлөөчү бирдиктүү маалымат системасын киргизүү боюнча конкреттүү чаралар белгиленген.

## 3.2 ЕРӨБдүн реформаларынын багыттары бийлик менен жалпысынан макулдашылган

- Жеке сектордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана экономиканын диверсификациясына көмөктөшүү.
- Ичүүчү суу менен камсыздоо, ирригация жана сууну кетирүү инфраструктурасы менен байланышкан эң маанилүү көйгөйлөрдү чечүү жолу аркылуу суу менен натыйжалуу жабдууга көмөктөшүү.
- Камбар-Ата ГЭСи сыяктуу жаңы инфраструктуранын курулушун колдоо менен, энергиянын калыбына келүүчү булактарын өнүктүрүүнү колдоо.
- Агроөнөржай секторун өнүктүрүүнү жана анын кошумча нарк глобалдык чынжырына интеграцияланышын колдоо.
- Маанилүү транспорттук инфраструктураны түзүү жана бул сектордогу экономикалык интеграцияга көмөктөшүү үчүн каржылоо мүмкүнчүлүктөрү аркылуу аймактык өз ара байланышкандыкты бекемдөө.
- Санариптик башкаруу инструменттерин ишке киргизүүгө көмөктөшүү жолу менен мамлекеттик сектордун дараметин өстүрүү

## 3.3 Жарандык коомдун ЕРӨБгө негизги кайрылуулары

- Жергиликтүү жарандык коом ЕРӨБ менен ар дайым иштешүүгө, анын ичинде ачык дискуссияларды жүргүзүү үчүн өкмөт, донорлор, бизнес жана башка катышуучулар менен өткөрүлүүчү көп тараптуу платформаларга катышууга, кайтарым байланышты көрсөтүүгө жана Өкмөттүн саясаты менен чечимдери жарандык коомдун салымын эске алуусун камсыздоого кызыкдар.
- Жарандык сектор өзүнүн уюштуруучулук дараметин жана каржылык туруктуулугун чындоого муктаж, ал эми өзү иштеп жаткан укуктук жана саясий чөйрө корголгон болууга тийиш деп эсептейт.
- Финансылык маалыматты ачуу, кызыкчылыктар кагылышы, сатып алуулар жана коррупцияга каршы демилгелер тууралуу жоболордун аткарылышына кылдат көз салуу зарыл.
- ЛГБТИ+ коомчулугу өздөрү жалпысынан душмандык деп эсептеген шарттарда кызмат көрсөтүүлөргө жана экономикалык мүмкүнчүлүктөргө куугунтуктоосуз жана зомбулук коркунучусуз жетүүгө умтулат.
- Абанын сапатына, суу көйгөйлөрүнө, муниципалдык жана энергетикалык инфраструктуранын туруктуулугуна, анын ичинде калдыктарды утилдештирүүгө көбүрөөк көңүл бөлүү зарыл.

# 4. Кыргыз Республикасынын өлкөлүк стратегиясынын артыкчылыктарын аныктоо

European Bank
for Reconstruction and Development

| Эмнени өзгөртүү керек? (өлкөнүн диагностикасы) | Муну өзгөртүүгө болобу? (Саясий экономия) | Банк эмне жасай алат? (Институционалдык мүмкүнчүлүктөр) | Стратегиялык артыкчылыктар (2024-2029) | Биз 2029-жылы эмнени көргүбүз келет? |
|---|---|---|---|---|
| • Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн стагнациясы, квалификациянын туура келбестиги жана ашыкча бейформалдык бизнес үчүн тоскоолдуктар болуп саналат. Айыл чарбасынын жана ЧОИнин абдан майдаланган түзүмү. Компаниялардын басымдуу көпчүлүгү абдан кичине, каржылык жактан туруксуз жана банктык эмес. Банк сектору жакшы капиталдашса да, олуттуу көйгөйлөргө, анын ичинде туруксуз каржылоо жана иштебеген насыялардын салыштырмалуу бийик деңгээлине тушугууда. Аймактык өнүгүүдөгү олуттуу диспропорциялар, аялдардын экономикага катышуусунун төмөн деңгээли, товарлардын, транспорттук жана туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы рынокторунан көз карандылык, транзиттик соода-сатык кайра иштетүү өнөр жайынын жана агробизнестин капиталсыйымдуу тармактарына инвестициялар үчүн тоскоолдук жаратууда. | • Бейформал экономика менен күрөшүү боюнча аракеттер көрүлүүдө. 2021-жылдан баштап акырындык менен киргизилип жаткан салык жана бажы реформалары бейформалдыкты азайтып, формалдуу КОИ үчүн бирдей шарттарды түзүүгө жана мамлекеттик кирешелерди көбөйтүүгө жардам берди. Кыргыз Республикасы анча чоң эмес экономикасына карабастан, кошумча нарктын аймактык жана глобалдык чынжырларына абдан жакшы интеграцияланган. Акыркы кездерде Кыргыз Республикасы Кытай жана ЕАЭБ өлкөлөрү менен транзиттик сооданын олуттуу өсүшүн баштан кечирүүдө. Кайра иштетүү өнөр жайынын текстиль жана фрамацевтика сыяктуу алтындык эмес тармактарында өсүштүн эки орундуу маанидеги темптери байкалууда, ал эми мейманкана сектору жана кызмат көрсөтүүлөр сектору тез өнүгүүдө. | • Банк инвестициялар жана кеңеш берүүлөрдүн жардамы менен ЧОИнин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн колдоого алып, көндүмдөрдү берүүгө жана операциялык натыйжалуулукту жогорулатууга көмөктөшө алат, ошондой эле ЧОИнин, атап айтканда, жергиликтүү валютада каржылоого жетүүсүн жеңилдетүү үчүн каржы секторун бекемдөөгө умтулат. Тике жана кыйыр каржылоону, тобокелчиликтерди бөлүштүрүүнү, СКП, ошондой эле АБ жана ЖБ сыяктуу программаларды колдонуу менен жеке секторду колдоо. Көндүмдөргө жетүүнү камсыздоо. Калктын аз камсыз болгон топтору үчүн ишкердикти жана эмгекке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшүү. ЕРӨБ экспортко багыт алган фирмаларга СКП алкагында каржылоо берүү жана кеңеш берүүчүлүк кызматтар аркылуу соода-сатыкты өнүктүрүүгө көмөктөшө алат. | **Өндүрүмдүү-лүктү жогорулатуу жана экспорттук рынокторго жетүүнүн эсебинен жеке сектордун атаандаштык-ка жөндөмдүүлү-гүн колдоо жана анын коомдун турмушуна катышуусун кеңейтүү** | • Атаандаштыкты жогорулатуу, анын ичинде өндүрүш-сатуу чынжырларынын ортосундагы байланышты кеңейтүүнүн аркасында жогорулатуу.<br>• Көндүмдөргө жана каржыларга жетүүнү кеңейтүү |
| • Инфраструктурага жана мамлекеттик кызматтарга жетүүдөгү аймактык ажырымдар көйгөй болуп саналат. Логистикалык операциялардагы мүчүлүштөр, оптималдуу эмес бажы жана чек ара процедуралары, ошондой эле сапатсыз инфраструктура аймактык интеграцияга жолтоо болууда. Инфраструктурага мамлекеттик чыгымдар аз жана инфраструктура эскирген. Аймактык жана жергиликтүү жол инфраструктурасын жакшыртуу үчүн кошумча инвестициялар талап кылынат. | • Эң маанилүү инфраструктурага инвестициялар үчүн көбүрөөк каражаттарды потенциалдуу түрдө бошото турган салыктардын ИДПга карым-катышынын өсүшү. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы мамилелердин жакшырышы аймактык инфраструктураны өнүктүрүүгө инвестицияларды колдойт. Электрберүүнүн жаңы линияларын куруунун жана түйүндөрдү калыбына келтирүү боюнча долбоорлордун эсебинен энергетикалык көз карандысыздыктын жакшырышы. Бирок бул энергетика жаатындагы аймактык кызматташтыктын натыйжасында болду. | • Банктын туруктуу жана климатка туруктуу инфраструктурага басым коюусу өлкөдөгү транспорттук байланыштын, суу жана электр менен жабдуунун түйүндөр көйгөйлөрүн чечүүнүн эсебинен жергиликтүү инфраструктуранын туруктуулугун жогорулатууга өбөлгө түзө алат. Коммуналдык кызматтардын туруктуулугуна коммерциялаштыруу жана жеке сектордун катышуу жолу менен көмөктөшүү. Аймактык трансчекаралык байланыштарды чыңдоо жана инфраструктуранын маанилүү объектилерин калыбына келтирүүнү колдоо жолу аркылуу аймактык интеграцияга көмөктөшүү. | **Туруктуу инфраструктура-нын жана коммуникация-лардын өнүгүүсүн колдоо** | • Энергия жана ресурстук натыйжалуулукту жогорулатуу.<br>• Аймактык байланыштарды кеңейтүү.<br>• Мамлекетттк кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу |
| • Өлкө мөңгүлүү тоо ландшафтынын жана ири айыл чарба секторунун натыйжасында олуттуу климаттык тобокелчиликтерге жакын. ГЭСтен көп көз карандылык өлкөнү сезондук термелүүлөрдөн алсыз кылат. Мамлекеттик сектордо дараметтин жоктугу, салыктардын чектелүү жыйналышы, инвестицияларга эмес, учурдагы керектөөлөргө багыт алуу, мыйзам бийлигинин начарлыгы, коррупция, саясий туруксуздук жана өкмөттүн ишинин жетишерлик эмес натыйжалуулугу олуттуу кооптонууларды жаратат. Алсыз иштиктүү чөйрө жана чет элдик инвесторлорго начар мамиле кылуу. | • Жаңыртылган УДАСтар кыйла аялуу секторлордун, анын ичинде суу ресурстары, айыл чарбасы жана энергетиканын кызыкчылыктарын эсепке алат. Мамлекеттик сектордо мамлекеттик кызматтын дараметинин жакшырышына/ сакталышына жана коррупция менен күрөшүүгө өбөлгө түзө тургандай эмгек акынын жогорулашы. Электр энергиясына тарифтерди реформалоо бюджетке күч келүүнү азайтып, электрэнергиясын рационалдуу пайдаланууну шарттайт. Чет өлкөлүк инвесторлорго визаларды берүү боюнча жаңы чаралардын кабыл алынышы. | • Банк Париж менен макулдашуу стратегияларын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда өлкөгө колдоо көрсөтө алат. Банк саясат жана каржылоо маселелери боюнча кеңеш берүү кызматтарын көрсөтүү аркылуу калыбына келүүчү энергетика кубаттуулуктарын өнүктүрүүнү колдой алат. Банк МИ реформаларын илгерилетүү, жеке жана мамлекеттик секторлордо корпоративдик башкарууну жакшыртуу, ошондой эле санариптик мамлекеттик кызматтарды киргизүү жолу менен башкарууну эң жогорку деңгээлде жакшыртууга колдоо көрсөтүүсүн уланта алат. | **Климаттын өзгөрүшүнө туруктуу жана жакшы башкарылуучу экономиканы түзүүгө көмөктөшүү** | • Климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жогорулатуу<br>• Институттардын жана башкаруунун сапатын жогорулатуу |

# 5. Иш-чаралар жана жыйынтыктар матрицасы (1/3)

European Bank
for Reconstruction and Development

## 1-артыкчылык: Жеке сектордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана кыйла кеңири интеграциясын өндүрүмдүүлүктү жогорулатуунун жана экспорттук рынокторго жетүүнүн эсебинен колдоо

| Негизги максаттар | Иш-чаралар/ишмердик | Байкоого алынуучу көрсөткүчтөр (жыйынтыктар) |
|---|---|---|
| **Жеке сектордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн натыйжалуулуктун, өндүрүмдүүлүктүн өсүшүнүн жана инновациялардын эсебинен жогорулатуу** | • Экономиканы түздөн түз да, жергиликтүү банктар аркылуу да, анын ичинде тобокелчиликтерди өнөктөш мекемелер менен бөлүшүү жолу менен, атаандаштыкка кыйла жөндөмдүү жана туруктуу корпоративдик секторду түзүү багытында диверсификациялоого көмөктөшүү.<br>• Агрегаторлорду колдоо жана бытыранды секторлордо (мисалы, агробизнес, туризм) кошумча нарк чынжырларын өнүктүрүү. Жеткирүүлөр чынжырын каржылоо, анын ичинде туруктуу агробизнесстиөнөктөш финансы институттары аркылуу каржылоо мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп үйрөнүү.<br>• Логистикалык объектилер менен кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо жана кеңеш берүү менен, СКП аркылуу сооданы жана экспортту өнүктүрүүгө көмөктөшүү. | • Өндүрүмдүүлүктүн/ жүгүртүүнүн жогорулашы тууралуу билдирген корпоративдик кардарлардын саны Жаңы/жогорулатылган көндүмдөрдү алган адамдардын саны Банк колдоого алган СКП боюнча операциялардын көлөмү/саны |
| **Каржылоого, атап айтканда, жетишерлик тейлөөгө ээ болбогон сегменттер үчүн каржылоого жетүүнү кеңейтүү/ТЧИ капитал рыногун жана инвестицияларын колдоо** | • Жергиликтүү ТФИге атайын кредиттик линияларды берүү жолу менен аялдардын, жаштардын жана калктын жетишерлик тейлөөгө ээ болбогон башка топторунун (мисалы, азыраак өнүккөн аймактардын жашоочулары) финансылык турмушка тартылуусун колдоо, ошондой эле бизнес-кеңеш берүүлөр аркылуу финансылык эмес кызмат көрсөтүүлөрдү кеңейтүү. Мамлекеттик жана жеке кызыкдар тараптардын потенциалын өстүрүү жолу менен акча, финансы рынокторун жана капитал рынокторун өнүктүрүүнү, ошондой эле укуктук жана инфраструктуралык реформаларды жүргүзүүнү колдоо. Капитал рынокторунун инструменттеринин максаттуу эмитенттерине, анын ичинде ТФИге жардам берүү. Улуттук валютада коммерциялык негизде каржылоону туруктуу тартуу ыкмаларын илгерилетүү жана ЧОИ жана чекене займчылар үчүн улуттук валютада насыялоону кеңейтүү. ТЧИни кеңейтүүнү колдоо мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп үйрөнүү. | • «Бизнестеги аялдар», «Бизнестеги жаштар» берилген субзаймдардын көлөмү/саны Жаңы жана/же өркүндөтүлгөн банк өнүмдөрүнүн ийгиликтүү ишке киргизилиши<br>Капитал рынокторунда реформалардын жүзөгө ашырылышы (сапаттык) |
| **Иштиктүү көндүмдөрдү, стандарттарды жакшыртуу жана бизнести өркүндөтүү** | • ЧОИ жана компаниялардын потенциалын өстүрүү жана өнүгүүнүн алгачкы этаптарында квалификацияны жогорулатуу жана кеңеш берүүчүлүк кызматтардын жардамы менен өнүктүрүүнү тездетүү. Өзгөчө аялдар жана жаштар арасында эмгек рыногунда зарыл болгон көндүмдөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшүү. Жогорку потенциалдуу технологиялык компанияларды каржылоо мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп-үйрөнүү. Санариптик трансформацияга, санариптик көндүмдөрдү жана киберкоопсуздукту өнүктүрүүгө көмөктөшүү, анын ичинде ТФИ аркылуу жана КРУБга санариптик профилдерди жана аралыктан идентификациялоо үчүн тиркемелерди иштеп чыгуу жана бардык жерде киргизүү аркылуу көмөктөшүү. Экономикалык башкарууну өркүндөтүүнү (анын ичинде күчөтүлгөн Инвестициялык кеңеш аркылуу) колдоо. Иштиктүү климатты жакшыртуу жана корпоративдик башкаруунун рационалдуу саясатын киргизүү үчүн бизнес-ассоциациялар менен өз ара аракеттешүү. Жыныстар боюнча бөлүштүрүү менен, ЧОИ тууралуу маалыматтарды ачыктоо боюнча сунуштамаларды берүү. Аялдардын иш менен камсыздалуусуна техникалык жардам жана эдвокасинин жардамы менен жетүүнү жакшыртуу үчүн экономикада бирдей мүмкүнчүлүктөр саясатын жана практикасын илгерилетүү. | • Санариптештирүү боюнча долбоорлорду ишке ашырып жаткан кардарлардын саны |

Атаандаштыкка жөндөмдүү

Инклюзивдик

# 5. Иш-чаралар жана жыйынтыктар матрицасы (2/3)

European Bank
for Reconstruction and Development

**2-артыкчылык: Туруктуу жана жашоого жөндөмдүү инфраструктураны жана коммуникацияларды өнүктүрүүнү колдоо**

| Негизги максаттар | Иш-чаралар | Байкоого алынуучу көрсөткүчтөр (жыйынтыктар) |
| --- | --- | --- |
| **Энергия жана суу менен жабдууну, натыйжалуулукту жана туруктуулукту жогорулатуу** | • Энергиянын калыбына келүүчү жаңы (мисалы, күн, шамал, гидроэнергетикалык) булактарына инвестицияларды тартуу жана каржылоонун жана энергетикалык сектордун буга чейин болгон активдерин калыбына келтирүүнүн эсебинен «жашыл» энергияны өндүрүүнү көбөйтүү жана энергожабдууну жакшыртуу. Сектордо институционалдык даражетти өстүрүүгө жана «жашыл» көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам көрсөтүү, ошондой эле башка ЭФУ менен тыгыз кызматташтыкта энергиянын калыбына келүүчү булактары рыногунун өнүгүшүн колдоо. Туруктуу, ачык-айкын жана жакшы башкарылуучу энергетикалык рыноктун өнүгүүсүн колдоо максатында саясатчылар менен өз ара аракеттешүү, анын ичинде электрэнергиясын сатып алуу тууралуу жакшы иштелген макулдашуулар бар. ЭККБ атаандаштык сатып алууну киргизүүнү колдоо жана ага байланыштуу, ченемдик-укуктук базаны бекемдөө.<br>• Суу коопсуздугун жана суу секторун башкарууну жана ирригацияны жакшыртуу аркылуу суу менен жабдуунун туруктуулугун жакшыртууну колдоо.<br>• ЕРӨБдүн «жашыл шаарларынын» туруктуулугун жана энергонатыйжалуулугун жогорулатуу менен (мисалы, коомдук имараттарда), суу менен жабдуу жана сууну кетирүү, катуу калдыктар, коомдук транспорт жана борбордук жылытуу сыяктуу коомдук кызмат көрсөтүүлөрдү жана аларга жетүүнү «жашыл шаарлар» аркылуу жакшыртуу. | • Калыбына келүүчү энергиянын белгиленген кубаттуулугу (ГВт)<br>Суунун үнөмдөлүшү (м3/жыл)<br>Электрэнергиянын үнөмдөлүшү (кВтс/жыл)<br>Баштапкы энергиянын үнөмдөлүшү (ГДж/жыл)<br>Кызмат көрсөтүүлөргө жакшыртылган жетүүгө ээ бенефициарлардын саны |
| **Кризистик инфраструктуранын байланышын жана интеграциясын жакшыртуу** | • Электрберүүнүн жаңы линияларын курууну, кубаттуулукту жогорулатууну, ички түйүндөрдү чыңдоону жана берүү түйүндөрү менен энергияны бөлүштүрүүнүн натыйжалуулугун, анын ичинде энергия менен аймактык соода кылууну колдоо жана энергиянын калыбына келүүчү булактарын интеграциялоо, ошондой эле жергиликтүү жумушчу күчүнүн квалификациясын жогорулатуу жолу менен жогорулатууну каржылоо.<br>• Ички да, трансчекааралык да түйүндүү автожолдорду куруу, калыбына келтирүү, тейлөө жана кеңейтүү үчүн каржылоо берүү, мында аймактык/эл аралык коридорлорго (мисалы, Транскаспий транспорттук коридору) басым коюлат, кризистик транспорттук инфраструктуранын коммерциялык туруктуулугун чыңдоо.<br>• Логистика секторун өнүктүрүүнү колдоо, анын ичинде каржылоо жана эмгек рыногуна жооп берген окутуп-үйрөтүү программаларын иштеп чыгууну колдоо бар.<br>• Инклюзивдик жана гендердик-сезимтал инфраструктуралык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүнү, анын ичинде гендердик зомбулук жана асылуу тобокелчиликтерин төмөндөтүүнү колдоо.<br>• Санариптик инфраструктуранын жана тиешелүү санариптик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга, коопсуздугуна жана жеткиликтүүлүгүнө көмөктөшүү. | • Инфраструктуранын, анын ичинде санариптик инфраструктуранын коопсуздугунун жана сапатынын жакшырышы (сапаттык). Транспорттук инфраструктуранын өткөрүүчүлүк жөндөмүнүн жакшырышы/көбөйүшү<br>Аймак ичинде/арасында инфраструктурага жетүүнүн кеңейиши<br>жаңы/жакшыртылган окутуп-үйрөтүү программаларынын саны |

Интеграцияланган

Green

# 5. Иш-чаралар жана жыйынтыктар матрицасы (3/3)

European Bank
for Reconstruction and Development

**3-артыкчылык 3: «Жашыл» туруктуу жана жакшы башкарылуучу экономиканын өнүгүшүнө көмөктөшүү**

| Негизги максаттар | Иш-чаралар | Байкоого алынуучу көрсөткүчтөр (жыйынтыктар) |
|---|---|---|
| **Климаттын өзгөрүшүнө бүткүл экономиканын масштабындагы туруктуулук** | • Бийликке «жашыл» саясатты, анын ичинде климатка ыңгайлашуу жана туруктуулук жаатында иштеп чыгууга жана ишке ашырууга колдоо көрсөтүү.<br>• Компанияларды, анын ичинде ЧОИни климаттык тобокелчиликтерди башкаруу, климаттык башкаруу жана климаттык инвестициялар маселелери боюнча каржылоо жана кеңеш берүү, ошондой эле алардын инвестицияларынын жалпы париж шайкештигин камсыздоого жардам көрсөтүү.<br>• Чечимдерди жаратылыштын жана климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жогорулатуу боюнча чаралардын негизинде пайдаланууга көмөктөшүү, анын ичинде суу ресурстары, жерлердин деградациясы жана агроазык-түлүк сектору менен байланышкан тармактар бар, ошондой эле жаратылышты пайдаланууну каржылоо жаатында потенциалды өстүрүү тармактарын изилдеп үйрөнүү.<br>• Климаттык тобокелчиликтерди башкаруу жана жергиликтүү финансы мекемелерин өткөөл мезгилди пландоого тартуу үчүн потенциалды өстүрүү максатында борбордук банк менен өз ара аракеттешүү.<br>• Жергиликтүү банктар аркылуу, анын ичинде «жашыл» программалардын жардамы менен «жашыл» каржылоону жана өткөөл «жашыл» экономикага инвестицияларды кеңейтүү.<br>• Ресурстарды колдонуунун натыйжалуулугун жана климаттын өзгөрүшүнө туруктуулукту жогорулатуу үчүн ар түрдүү (банк жана агробизнес сыяктуу) секторлордогу ченемдик базаны реформалоону колдоо.<br>• Керектөөчүлөрдүн экологиялык жүрүм-турумуна түрткү берүүчү иш-чараларды колдоо (мисалы, «акылдуу» эсептегичтерди каржылоо).<br>• «Жашыл» өтүүгө тиешеси бар пайдалуу кендерди/өтө маанилүү чийки затты чалгындоону жана казып алууну тандалмалуу түрдө колдоо, кыйла таза энергияны, инновацияларды, санариптештирүүнү, көндүмдөрдү өнүктүрүүнү жана ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун илгерилетүү жолу аркылуу тоо-кен ишканаларын декарбондоштурууну колдоо. | • Климатка ыңгайлашууну жана ага туруктуулукту колдоого алган укуктук, институционалдык жана/же ченемдик өркүндөтүүлөрдүн саны<br>• СО2 чыгындыларын кыскартуу (ктонн/жыл)<br>• Коюлган максаттарга ылайык укуктук, ченемдик жана институционалдыык өзгөртүүлөр (мисалы, тарифтерди реформалоо) жана/же операциялык жакшыртуулар<br>• «Жашыл» экономикага өтүү үчүн өтө маанилүү пайдалуу кендерге/ металлдарга инвестициялардын саны |
| **Өркүндөтүлгөн башкаруу жана жакшыртылган иштиктүү климат** | • Мыйзамдык базаны оңдоп-түзөөгө жардам көрсөтүү жана экономикада, анын ичинде мамлекетик кызмат көрсөтүүлөр, энергетика жана инфраструктура чөйрөсүндө жеке сектордун үлүшүн (мисалы, жеке сектордун катышуусу менен ГЭС) көбөйтүүгө көмөктөшүү үчүн потенциалды өстүрүүнү колдоо.<br>• Мамлекетттк органдар, маселен, Юстиция министрлиги тарабынан электрондук өкмөттү түзүү боюнча көрүлүп жаткан демилгелерди колдоо.<br>• Мамлекеттик сектордо долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу үчүн потенциалды өстүрүүнү колдоо.<br>• Мамлекеттик ишканалар менен улуттук банктын реформаларына көмөктөшүү, мисалы, корпоративдик башкарууну өркүндөтүү.<br>• Жеке секторду, анын ичинде кардарлар деңгээлинде корпоративдик башкарууну мыктылоону колдоо.<br>• Жеке сектордун мамлекеттик сатып алууларга катышуусун жана эл аралык инвесторлордун мамлекеттик контракттар рыногуна жетүүсүн кеңейтүү үчүн мамлекеттик сатып алууларды (электрондук каталог), стратегиялык борборлоштурулган сатып алууларды санариптештирүү жаатындагы мындан аркы реформаларды колдоо.<br>• МЖӨ маселелери боюнча мыйзамдык базаны өркүндөтүү жана кеңеш берүүлөрдү жүргүзүү.<br>• Тоо-кен компанияларынын экологиялык, социалдык, инклюзивдик жана башкаруу практикаларын жакшыртуусуна колдоо көрсөтүү. | • Бизнес жүргүзүүнүн укуктук, институционалдык жана ченемдик шарттарын жакшыртуу<br>• Корпоративдик башкарууну жана/же стандарттарды жакшырткан кардарлардын саны (МИ кошо алганда)<br>• МИнин укуктук жана ченемдик (сапаттык) реформаларын ишке ашыруу |

Натыйжалуучу башкарылууучу

Жашыл

# 6. ЕРӨБ ишмердигинин багыттары боюнча эл аралык өнөктөштөрдүн өз ара толукталуу картасын түзүү

European Bank
for Reconstruction and Development

## ЕРӨБ ишмердигинин багыттары

| Индикативдик жылдык орточо инвестициялар/ гранттар (€m, 2019-2023) | | Секторлор | | | | | | | | | Өтмө темалар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Өнөр жай, соода-сатык жана агробизнес | | | | | Туруктуу инфраструк-тура | | ФИ | | Стратегиялык демилгелер | | | |
| | | Агробизнес | Өндүрүш жана кызмат көрсөтүүлөр | Кыймылсыз мүлк жана туризм | | Жаратылыш ресурстары | Энергетика | Камсыздандыруу | Банк сектору | Банктык эмес каржы институттары | Жашыл экономика | Инклюзивдүүлүк жана гендер | Улуттук валюта жана капитал рыноктору | Кичи бизнес |
| ДБ | 152 | € | | | | | € | € | | | | € | | € |
| АөБ | 109 | €P | | | €P | | €P | €P | €P | €P | | €P | €P | € |
| ЕБ | 35 | € | | | € | | | P | | | €P | €P | | €P |
| ШЭКУ | 22 | ● | | | | ○ | € | €P | | €P | €P | €P | | € |
| ЭФК | 7 | | | | € | | | | € | € | | | | € |
| ЕРөБ | 48 | € | € | € | € | €P | €P | €P | € | | €P | €P | | € |

€ Олуттуу инвестициялар тармагы

P Саясатты иштеп чыгууда маанилүү катышуу тармагы

● Негизинен, жеке секторго багыт алган

○ Негизинен мамлекеттик секторго багыт алган

## Кызматташуунун потенциалдуу тармактары

**Жашыл**

- Энергиянын жана суу ресурстарынын натыйжалуулугуна инвестицияларды илгерилетүү үчүн ЕБ менен кызматташууну улантуу. АӨБ менен биргеликте «жашыл» муниципалдык инфраструктуранын жана «жашыл» мобилдүүлүктүн өнүгүшүнө көмөктөшүү.

**Туруктуу**

- Дүйнөлүк банктын жардамы менен энергетикалык жана суу секторлорунун туруктуулугун жогорулатуу.

**Инклюзивдик**

- Жаштар жана аялдар арасында ишкердикти өнүктүрүү, эмгекке орноштуруу көндүмдөрү менен мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн Дүйнөлүк банктын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу.

**Интеграцияланган**

- АӨБ жана Дүйнөлүк банк менен биргелешип транспорттук жана логистикалык инфраструктураны, анын ичинде Транскаспий транспорттук коридорунун алкагында жакшыртууну каржылоо мүмкүнчүлктөрүн издөө.

**Атаандаштыкка жөндөмдүү**

- ЧОИнин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча ШЭКУ менен кызматташтыкты улантуу.

**Натыйжалуу башкарылуучу**

- Дүйнөлүк банк жана өлкөдөгү башка эл аралык финансы уюмдары менен биргелешип каржыланган долбоорлордун алкагында башкарууну жана сатып алууларды өркүндөтүү маселелери боюнча, иш алып баруу.

Эскертүү: ЭФИнин ишмердигин карталоо жалпыга жеткиликтүү маалыматтарга негизделген. ЭФИнин олуттуу инвестициялары катары жылдык инвестициялардын 5%ынан ашкан жана 2029-2023-жылдар аралыгында кол коюлган долбоорлор каралат

# 7. Ишке ашыруудагы тобокелчиликтер менен экологиялык жана социалдык натыйжалар

European Bank
for Reconstruction and Development

| Стратегияны ишке ашыруу меннн байланышкан тобокелчиликтер | Мүмкүндүк | Эффект |
|---|---|---|
| Чоң гидроэнергетикадан көз карандылык суу секторуна көп жылдык жетишсиз инвестициялоо менен тереңдеп, өлкөнү суу менен жабдуудагы сезондук термелүүлөргө жана узак мөөнөттүк климаттык тобокелчиликтерге аялуу кылат. | орто | жогору |
| Жеке сектор кыргыз компанияларына карата экинчилик санкциялардын киргизилиш тобокелчилиги жана Россиядан акча которуулардын термелүүлөрүнүн потенциалдуу таасири алдында алсыз. Санкцияларды сактоону камсыз кылуу боюнча активдүү аракеттерге карабастан, өлкөнүн Россиядан көз карандылыгынан, үстөмдүк кылган бейформалдыктан жана институционалдык алсыздыктан улам, аралык соода операцияларынын токтотулушу максатка ылайыксыз болуп калууда. | жогору | жогору |
| Начар административдик дарамет жана саясий туруксуздук реформалардын темпине таасир этип, долбоордун даярдалышын/ишке ашырылышын кечеңдетиши мүмкүн. | жогору | жогору |
| Мамлекет тарабынан субсидияланган каржылоо жана Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун колдоосу корпоративдик насыялар рыногун бурмалап, ЕРӨБдүн каржылоосунун жагымдуулугун потенциалдуу түрдө азайтат. | орто | орто |
| Кыргызстандын экономикасынын жетишерлик эмес диверсификациясы аны тышкы толкундоолорго, экономикада өнөктөштөрдүн азаюусуна жана жагымсыз геосаясий окуяларга өзгөчө аялуу кылат. | жогору | жогору |
| ТЧИге жалпы оң мамилеге карабастан, чет элдик инвесторлор ата мекендик өнөктөштөргө салыштырганда көбүрөөк көзөмөлгө тушугууда, ал эми «Кумтөр» кенинин кайра улутташтырылуусу менчиктештирүү иш-чараларынын натыйжалуулугунан жана жалпы инштиктүү чөйрөдөн күмөн саноону жаратат. | жогору | жогору |

## Экологиялык жана социалдык тааасир этүүлөр

- **Айлана-чөйрөгө жана социалдык чөйрөгө таасир этүүнү баалоо жана башкаруу,** кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү: Тиешелүү баалоону жана долбоорлордун түз, кыйыр жана кумулятивдик таасир этүүсүн бардык улуттук жана европалыык ченемдик талаптарды колдонуу менен жумшартууну камсыздоо, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо жана социалдык коргоо жаатындагы долбоорлорду ишке ашыруунун тиешелүү дараметин камсыздоо максатында кардарлар менен иш алып баруу. Банк кардарлардын билимин жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү практикасын жогорулатуунун үстүндө иш жүргүзө берет.
- **Стратегиялык экологиялык жана социалдык баалоо:** АЧК жана С жаатындагы тобокелчиликтерди эсепке алуу менен долбоорлорду бөлүштүрүүнү камсыз кылуу үчүн, түйүндүү секторлордо (мисалы, калыбына келүүчү энергетикада) мамлекеттик кызыкдар тараптардын колдоосу менен СЭСБ иштелип чыкканына ынануу. Банк СЭСБны потенциалдуу иштеп чыгууда тиешелүү жергиликтүү кызыкдар тараптарга колдоо көрсөтөт.
- **Эмгек жана эмгек шарттары:** Кардардын кадр саясаты/эмгек практикасы ЕРӨБдүн талаптарына туура келүүсүн камсыз кылуу, мында кызматкерлердин уюмдарына, балдардын жана мажбурланган эмгекке, жумуш убактысына жана эмгек акы төлөө стандарттарына, азчылыктар топтору жана аялдарга карата потенциалдуу басынтууга, ошондой эле миграннтарды/ сезондук кызматкерлерди жалдоо шарттарына өзгөчө көңүл буруу зарыл. Ири масштабдагы кыскартуулар менчиктештирүү менен байланыштуу болушу мүмкүн, бул атайын пландоону талап кылат. Долбоорго жана аны ишке ашырууга Кардарлар тарабынан жеткирүүлөр чынжыры менен байланышкан аспектилердин киргизилишин камсыз кылуу үчүн техникалык кызматташуу каражаттары талап кылынат. Кардарлардын айыл чарбасы, текстиль жана энергиянын калыбына келүүчү булактары ссекторунда жеткирүүлөр чынжырынын тобокелчиликтерин башкаруу жөндөмү көбүрөөк көңүл бурууну талап кылышы мүмкүн.
- **Ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугу, айлана-чөйрөнүн булгануусунун алдын алуу жана көзөмөлдөө:** ЕРӨБ инвестициялары суунун жана топурактын булгануусун/деградациясын, парник газдарынын чыгындыларын жана зыяндуу химиялык заттарды колдонууну кыскартууга багытталат. ЕРӨБ муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде сууну жоготууну кыскартуу жана калдыктарды бөлүү жана кайра иштетүү инфраструктурасын жана системаларын жакшыртууга жардам көрсөтөт. Суу ресурстарын пайдалануу дараметин өстүрүү үчүн ТК каражаттарын тартууну талап кылышы мүмкүн, анткени бул суу ресурстарын баашкаруу (мисалы, ГЭС схемаларын иштеп чыгуу) менен байланышкан бардык долбоорлорго потенциалдуу түрдө таасир эте алат. Мындан тышкары, аймактык деңгээлде энергиянын калыбына келүүчү булактарын пайдалануу масштаабдарын кеңейтүү, түйүндөрдү чыңдоо жана маалыматтарды сактоо, отундун көмүртексиз түрлөрүн илгерилетүү жана отундун казылып алынуучу түрлөрүнөн акырындык менен баш тартуу үчүн потенциал орун алат, бул болсо ТКтын колдоосун талап кылат.
- **Биоартүрдүүлүктү сактоо жана жандуу жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу:** Энергетикалык жана инфраструктуралык долбоорлордун байланыштуулугун жана интеграциясын жакшыртуу, сууну анын жетишсиздигине алып келүүчү пайдалануу жана жерлердин деградациясы жаратылыш активдерине жана жашоо чөйрөсүнө таасир этиши мүмкүн, бул жашоо чөйрөсүн жоготуп алууга жана биоартүрдүүлүк үчүн олуттуу кесепеттерге алып келет. ЕРӨБ сезимтал долбоорлордун алкагында биоартүрдүүлүккө таасир тийгизүүнү ишенимдүү баалоону жүргүзүүнү камсыз кылат жана зарыл болсо, биоатүрдүүлүк жаатында ТК колдоо көрсөтөт. Маанилүү экосистемдик кызмат көрсөтүүлөрдү сактоону камсыз кылуу же кеңейтүү үчүн жаратылышка байланышкан тобокелчиликтерди баалоо жана жаратылыш менен байлаанышкан мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу. Буга ЕРӨБдүн жаратылыш капиталын баалоого (NCV) мамилесинин жардамы жетүүгө болот.
- **Саламаттык жана коопсуздук:** ЕРӨБ бардык секторлордо эмгекти жана калктын саламаттыгын коргоо стандарттарын жакшыртууга умтулат. Жол кыймылынын коопсуздугу, анын ичинде БААЭК аймагынын демилгелери жана автопаркты башкаруу инфраструктуралык долбоорлор үчүн артыкчылык болуп эсептелет жана ТК каражаттарын бөлүп берүүнү талап кылышы мүмкүн.
- **Жерди сатып алуу, ыктыярсыз көчүрүү жана экономикалык орун которуштуруу:** ЕРӨБ кардарларын сөз болгон калкка алардын укуктары жана жеңилдиктери боюнча кеңештерди жана маалыматтарды берүүнү жакшыртууга түрткү берет. Жер пайдалануучуларда укуктук титулдар жок болгон учурларда кардарлар компенсация төлөп берүүнү жана ЕРӨБдүн ЭСП талаптарына ылайык, жашоо үчүн каражаттарды калыбына келтирүүнү камсыз кылуусу зарыл болот, бул ТК тараптан колдоону талап кылышы мүмкүн.
- **Маданий мурастар:** Маданий мурастарды коргоо максатында кардарлар жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен негизги кызыкдар тараптарды аныктоо боюнча иштерди алып баруу жана алар менен кеңеш берүүлөрдү өткөрүү боюнча иштер. ЕРӨБ кардарлар менен долбоорлорго байланышкан мурас объектилерин сактоонун эл аралык практикасын илгерилетүү боюнча иштерди алып барат.
- **Финансылык ортомчулар**: ФЛ өнөктөштөрү АЧК жаатында жетишерлик потенциалга жана тобокелчиликтерди башкаруу процедураларына ээ экенине жана АЧК жаатындагы талаптарды ЕРӨБдүн кредиттик линиялары жана башка механизмдер тарабынан каржыланган долбоорлорго кыйшаюусуз колдонуп жатканына ынануу.
- **Мониторинг жана көзөмөл:** Кардарлар менен АЧК жана С жаатындагы көрсөткүчтөрдү мониторинг кылуу боюнча иштөө жана Банктын портфели менен байланышкан мурасталган көйгөйлөрдү чечүү. ТК каражаттарын потенциалды өстүрүү жана кабардар болгондукту жогорулатууну колдоо үчүн пайдалануу.

жогору орто төмөн

# 8. Донорлор менен өнөктөштүктү баалоо

European Bank
for Reconstruction and Development

## Жаңы өлкөлүк стратегия мезгилине керектөөлөрдү баалоо

Донордук каражаттар жана Акционерлердин атайын фонду Кыргыз Республикасында жеке сектордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, туруктуу инфраструктураны өнүктүрүүгө жана климаттык туруктуу жана жакшы башкарылуучу экономиканы илгерилетүүгө багытталган кийинки өлкөлүк стратегияны ишке ашырууда ажырагыс роль ойнойт. Дем берүүчү гранттар менен тобокелчиликти бөлүштүрүү инструменттери аялдар, жаштар жана аз камсыз болгон башка топтордун каржылоого жетүүсүн жакшыртууга багытталган кредиттик линияларда түйүндүү ролго ээ болот. Техникалык кызматташуунун гранттары ЧОИнин потенциалын өстүрүү, энергетикалык рынокторду чындоо үчүн саясий реформаларды жана финансылык жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн кеңеш берүүчүлүк программаларды колдоо максатында зарыл болот. Туруктуу инфраструктура, энергетика жана байланыш жаатындагы долбоорлор жеткиликтүүлүктү жогорулатуу үчүн капиталдык салымдарга болгон гранттарга, ошондой эле долбоорлорду даярдоо үчүн техникалык кызматташуунун гранттарына мурдагыдай эле муктаж болот. Корпоративдик башкарууну жакшыртуу, өкмөттү санариптештирүү деңгээлин жогорулатуу жана Париж макулдашуусунун стратегияларын колдоого алуу техникалык кызматташуунун гранттарына таянуу менен жүрөт.


## Донордук каражаттардын потенциалдуу булактары

ЕРӨБ акционерлеринин атайын фонду акыркы төрт жыл аралыгында Кыргыз Республикасына туруктуу инфраструктураны жана финансы институттарын түзүү боюнча долбоорлорду тең инвестициялоого, негизинен, гранттар түрүндөгү маанилүү жеңилдетилген ресурстарды берип келди. Айрым донорлор тарабынан географиялык багыттар менен секторлордун артыкчылыктарынын өзгөртүлгөндүгүнө байланыштуу, Акционерлердин атайын фонду бул жаатларда инвестициялоо жана таасир көрсөтүүдө кыйла активдүүрөөк роль ойной баштайт. Европа Биримдигинин учурдагы көп жылдык программасы өлкөнүн стратегиялык артыкчылыктары менен макулдашууну, анын ичинде санариптик трансформация менен жашыл жана туруктуу экономиканы эске алат. Европа Биримдигинин муниципалдык инфраструктураны, өзгөчө, ичүүчү суу, санитария, агынды суулар, катуу калдыктар жана климаттык туруктуу ирригациялык түйүндөр жаатындагы инфраструктураны өнүктүрүүнү колдоону улантуусун пландап жатат. Техникалык кызматташуу гранттары менен капиталдык чыгымдар үчүн гранттар жана орток инвестициялоонун шаймандары Япония менен Түркияны кошкондо кээ бир донорлордун атынан жеткиликтүү. Бул донорлор экологиялаштырууга, санариптештирүүгө, гендердик жана экономикалык интеграцияга, ошондой эле саясатты жана мыйзамдарды реформалоого көңүл борборун бурушууда. Кыргыз Республикасы ЕРӨБдүн Туруктуу инфраструктура фондусунан, КБКФ, Глобалдык экологиялык фондудан жана HIPCA*дан* жеңилдетилген ресурстарды алуу укугуна ээ өлкө болуп саналат.


## Жеткиликтүүлүктүн айрым көрсөткүчтөрү

| | | *ЕРӨБдүн аймактык пайыздык рейтинги[1]* |
|---|---|---|
| Жан башына ИДП (МЖӨ учурдагы $)[2] | 5,930 | 3% |
| ODA Country | Yes | - |
| ӨРЖ улуттук дүң өнүмдүн үлүшү катары (%)[3] | 6.12 | 87% |
| Жан башына ӨРЖ ($ - учурдагы баалар)[3] | 73.32 | 50% |

## 2019-2023*-жж. аралыгында донордук каржылоо (€m)[4]




## 2019-2023*[5]-жж. акча каражаттарын пайдалануу




*1. Кыргыз Республикасынынан төмөндө берилген ЕРӨБ экономикаларынын үлүшү катары көрсөтүлгөн жөнөкөй пайыздык рейтинг. 2. ДӨК (2022) 3. ЭКӨУ (2021) 4. Тең инвестициялоо суммалары жөнүндө малыматарды берүү методологиясы өзгөртүлгөн: 2022-жылы ал кардарлардын колтамгаларыына эмес, милдеттенмелер деңгээлиндеги максаттуу белгилерге негизделе баштаган. 2019-2023-жж. үчүн ТК боюнча маалыматтар жана тең инвестициялоо фондуларынын суммалары милдеттенмелер деңгээлинде максаттуу багыттарга негизделген, ал эми тең инвестициялоо фондуларынын 2019-2021-жж. үчүн суммалары кардарлардын колтамгаларына негизделген. 5. Өткөөл мезгилдеги жеңилдетилген ресурстардын баштапкы сапатынын негизинде.* Алдын ала маалыматтар.*

# Тиркеме

European Bank
for Reconstruction and Development

# 1-тиркеме – 1-березенин контекстинде саясий баа берүү 1 (1/7)

European Bank
for Reconstruction and Development

Кыргыз Республикасы Банкты түзүү жөнүндөгү Беренелердин 1-Беренесинин саясий принциптерине жана аларды колдонууга берилген бойдон калганы менен, 2019-жылы мурунку өлкөлүк стратегияны бекиткенден кийинки мезгилде анын ишке ашырылышы бирдей жүргөн эмес жана айрым аспектилеринде артка кеткен. Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин демократия жана адам укуктары стандарттарынын мониторинги үчүн жооптуу болгон эл аралык органдар өлкөгө, албетте, аймактык контекстте жалпысынан оң баа беришкен, бирок акыркы жылдарда алар бул жаатта көрсөткүчтөрдүн кыйшаюусуз жана олуттуу начарлашы боюнча тынчсыздануларын бир нече ирет билдиришкен. Мындай саясий баа берүү үчүн контекст 2020-жылдын октябрындагы парламенттик шайлоолордун жыйынтыгын жокко чыгаргандан кийин пайда болгон конституциялык-укуктук боштуктан улам келип чыккан. Жаңы мыйзамдуу тартипке өтүү 2021-жылы январда президенттик шайлоолорду өткөрүүнү, апрелдеги референдумдан кийин май айында жаңы Конституцияны кабыл алууну жана акырында, ноябрда парламенттик шайлоолорду өткөрүүнү шарттаган. Президент С. Жапаровдун жетекчилиги астында бийлик олуттуу түрдө Президенттин колуна топтоштурулду. Коопсуздук кызматтары уюшкан кылмыштуулук, коррупция жана салык төлөөдөн качуу менен кеңири масштабдагы күрөш жүргүзүү үчүн саясий ыйгарым укуктарга ээ болду. Президент С. Жапаров Өзбекстан менен чек араны демаркациялоо жөнүндө маанилүү келишимди түздү, ал эми 2021-2022-жылдары жүздөгөн адам курман болгон чек ара кагылышууларынан кийин ал Тажикстан менен макулдашуу түзүү жөнүндөгү сүйлөшүүлөрдү көзөмөлүнө алды. Билдирүүлөргө ылайык, алар боюнча олуттуу прогресске жетишилди. Кыргыз Республикасы демократия жана адам укуктары стандарттарынын мониторинги үчүн жооптуу болгон эл аралык органдар менен өз ара аракеттешүүнүн бийик деңгээлин кармап турат. 2023-жылдын январында өлкө БУУнун адам укуктары боюнча Кеңешинин мүчөсү катары эки жылдык мөөнөтүн баштаган. Бирок тиешелүү органдар демократия жана адам укуктары стандарттары жаатындагы көрсөткүчтөрдүн олуттуу жана туруктуу төмөндөшүн белгилешүүдө. Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы жана ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ДИАУБ) 2021-жылдын мартында кабыл алынган жаңы Конституциянын долбоору боюнча биргелешкен корутундусунда бийликти бөлүштүрүү, сот системасынын көз карандысыздыгы, адам укуктарын коргоого тиешелүү айрым жоболордун көз карашынан алганда, ал эл аралык стандарттарга туура келбейт деген бүтүмгө келишкен. ДИАУБдун 2021-жылдын январындагы президенттик шайлоолорго жана 2021-жылы ноябрдагы парламенттик шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча миссиялары алардын өткөрүлүшү боюнча бир катар сын пикирлерди, эскертүүлөрдү айтышкан. 2022-жылы декабрда БУУнун Адам укуктары боюнча комитети сот системасынын көз карандысыздыгы, эркин ЖМКнын жана жарандык коомдун абалы, ошондой эле гендердик инклюзия боюнча бир катар олуттуу кооптонууларды билдирген. БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын Башкармалыгынын (АУЖКБ) жана ЕККУ органдарынын бир катар билдирүүлөрүндө бул кооптонуулар ырасталган.

### ЭРКИН ШАЙЛООЛОР ЖАНА ӨКҮЛЧҮЛҮКТҮҮ БИЙЛИК

Эркин, адилет жана атаандаштык шайлоолор. Кыргызстандын 2021-жылы апрелдеги референдумдан кийин май айында кабыл алынган Конституциясы эркин, адилет жана атаандаштык шайлоолор үчүн негиздерди белгилейт.
2-березенин 3-4-пунктунда айтылгандай, «Кыргыз Республикасынын жарандары өз бийлигин шайлоолордо жана рефрендумдарда түздөн түз жүзөгө ашырышат... Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү аркылуу өткөрүлөт". Кыргыз Республикасында учурдагы Президенттин демократиялык процессти үзгүлтүккө учуратуу үчүн «административдик ресурсту» жана «добуштарды сатып алууну» колдонуусу менен байланышкан эзелки көйгөйүн чагылдыруу менен, 6-пунктта: «Каржылык, администрациялык жана башка ресурстарды пайдалануу менен шайлоочулардын эркин шайлоосуна таасир этүүгө тыюу салынат… » [1] дейт.

Кыргызстандын жаңы бийлиги 2020-жылдын октябрындагы саясий кризистен кийин демократиялык мыйзамдуулугун ийгиликтүү түрдө калыбына келтирди; 2021-жылдын январындагы да, ноябрындагы да шайлоолордо «административдик ресурс» же «добуштарды сатып алуу» 2020-жылдын октябрындагы парламентттк шайлоолордогудай кыянаттык менен колдонулбаганы белгиленди. Ошондой болсо да, тиешелүү ченемдик-укуктук база [2] жана 2021-жылы январында президенттик шайлоолордун (2010-жылдагы Конституциянын жоболоруна ылайык өткөрүлгөн) жана 2021-жылы ноябрда парламенттик шайлоолордун өткөрүлүшү Конституцияда белгиленген принциптердин начар колдонулушун күбөлөдү.

[1] "Административдик ресурсту» кыянаттык менен колдонуу жана добуштарды сатып алуу 2020-жылдын октябрындагы шайлоолордун мыйзамдуулугуна доо кетирди деген сезим Жээнбековдун отставкага кетишине, Садыр Жапаровдун президент болуп шайланышына жана жаңы Конституциянын кабыл алынышына алып келген каршылыктарды жараткан. Конституциянын III главасы мындай кыянаттык менен пайдалануулардан коргоонун кошумча чараларын белгилейт. 2 Мисалы, Венеция комиссиясы Борбордук шайлоо комиссиясынын конституциялык көз карандысыздыгына тынчсызданууусун билдирген. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору тууралуу биргелешкен пикир, март 202-ж., 6-б.

# 1-тиркеме – 1-берененин контекстинде саясий баа берүү (2/7)

European Bank
for Reconstruction and Development

ЕККУ/ДИАУБ Шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча миссиясынын (ШБМ) 2021-жылы ноябрдагы парламенттик шайлоолор тууралуу отчетунда шайлоолор чыныгы атаандаштыкты камсыз кылгандыгы, «талапкерлер үгүт иштерин эркин жүргүзө алышкандыгы, ал эми негизги эркиндиктер жалпысынан сакталгандыгы» тууралуу бүтүм орун алып, шайлоолорду өткөрүүгө жалпысынан жогорку баа берилген[3]. Бирок анда бир катар сын пикирлер да айтылып, аларга ылайык, шайлоочулардын олуттуу көп катышуусуна конституциялык өзгөртүүлөр, шайлоолорду өткөрүү эрежелери жана басыңкы кампания жолтоо болгон[4]. Шайлоо мыйзамдары демократиялык шайлоолор үчүн адекваттуу негизди камсыз кылган, бирок «жарандык жана саясий укуктардын чектелиши, бийликтин бөлүнүшү жана сот системасынын көз карандысыздыгынын начарлашы жалпы укуктук базага доо кетирген»[5].

**Бийликтин бөлүнүшү жана чектөөлөр менен каршы коюулардын натыйжалуу системасы**

Президенттик-парламенттик аралаш системадан президенттик системага өтүү 2021-жылы январдагы президенттик шайлоолорго киргизилген суроодо добуштардын басымдуу көпчүлүгү менен жактырылган. Бирок Конституция бийликтердин тиешелүү түрдө бөлүштүрүлүшүн жана натыйжалуу чектөөлөр менен каршы коюуларды камсыз кылбайт. 4-беренеде мамлекеттик бийлик «мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигине бөлүштүрүүгө» негизделери айтылганы менен, Конституция бийликтин Президентте пропорциялуу эмес топтолушуна негиз түзөт. Сот бийлигинин көз карандысыздыгын коргоонун жоктугу да тынчсызданууну жаратат (кар. Ылдыйдагы бөлүм).

Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы жана ЕККУнун Демократия жана адам укуктары боюнча бюросу (мындан ары – Венеция комиссиясы) 2021-жылдагы Конституция боюнча биргелешкен корутундусунда «институционалдык алкактарды жана бийликтин бөлүштүрүлүшүн жөнгө салган, Президенттин, парламенттин (Жогорку Кеңештин) жана сот бийлигинин ыйгарым укуктарын жана компетенциясын аныктаган көптөгөн жоболор, ошондой эле адам укуктары менен эркиндиктерине тиешелүү айрым жоболор эл аралык стандарттарга жана ЕККУнун милдеттенмелерине туура келбейт» деген бүтүмгө келишкен[6]

Венеция комиссиясы Президентке «мамлекеттин дээрлик бүткүл администрациясын, анын ичинде Министрлер кабинетин, башкы прокурорду ж. б. дайындоого жана бошотууга» жол берүүчү жоболорду, ошондой эле сот системасына карата анын ролдук ыйгарым укуктарын, жергиликтүү кеңештерди таратуу жана референдумдарды демилгелөө боюнча ыйгарым укуктары тууралуу жоболорду кайра кароого сунуштама берген[7]. Бул сунуштмалар Кыргызстандын бийлиги тарабынан кабыл алынган эмес. Конституция премьер-министр кызматынын жоюлушун ырастаган. 89-беренеде айтылгандай, Министрлер кабинетин Президенттин Администрациясынын башчысы Президенттин жетекчилиги астында башкарат.

Конституция Жогорку Кеңешти «мыйзам чыгаруучу жана көзөмөлдөөчү функцияларды аткарган өкүлчүлүктүү жогорку орган» катары сыпаттайт. Бирок Венеция комиссиясы анын алсыз ыйгарым укуктары боюнча тынчсызданусун билдирген. Ал Президент жана аткаруу бийлиги үчүн чектөөчү фактор катары ролун, анын ичинде мыйзам долбоорлорун демилгелөө жана кайра кароо укугун, мамлекеттик бюджетти көзөмөлдөөнү ишке ашыруусун колдоо максатында Жогорку Кеңешке кыйла кененирээк ыйгарым укуктарды берүүгө чакырган.[8]

**Шайлануучу кызмат адамдарынын натыйжалуу бийлиги**

Конституция шайлануучу кызмат адамдарын башкаруу үчүн негиздерди белгилейт. 1-берененин 4-пунктунда «Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы» экени айтылган. Бул принцип Конституциянын башка бөлүктөрүндө да кайталанат.

Конституция Кыргыз Республикасын светтик мамлекет катары аныктайт жана мамлекеттин динден бөлүнүү принцибин орнотот. 9-беренеде айтылгандай, «Диний бирикмелердин, дин жана ырасымдардын кызматчыларынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат». Диний органдар менен уюмдар өлкөдө саясий чечимдерди кабыл алуу процесстерине ашкере таасир тийгизе алышпайт.

3 ДИАУБдун Шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча миссиясы, Корутунду отчет, 2022-ж. май, 13-б.
4 Шайлоочулардын алдына коюлган тандоо чаташкан болгон: айрым партиялар алардын кайсы бирин колдоодон баш тарткан президентке колдоо көрсөтсө, бир катар партиялар каршылык билдиришкен. Парламенттик шайлоолордун жалпы мыйзамдуулугуна шайлоочулардын келүүсүнүн төмөндүгү – болгону 34% доо кетирген. 2021-жылы январдагы президенттик шайлоолор да шайлоочулардын аз келүүсү 39% менен өткөрүлгөн.
5 ДИАУБдун Шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча миссиясы, Корутунду отчет, 2022-ж. май, 1-б.
6 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен корутунду, 2021-ж. март, 4-5-бб.
7 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен корутунду, 2021-ж. март, 5-б. Президенттин Министрлер кабинетине дайындоолору парламент тарабынан бекитилүүгө тийиш.
8 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен корутунду, 2021-ж. март, 5-б.

# 1-тиркеме – 1-берененин контекстинде саясий баа берүү (3/7)

Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети (УКМК) жарандык көзөмөл астында турат, ошентсе да анын отчеттуулугу боюнча тынчсыздануу өсүп баратат [9]. Укук тартибин камсыз кылууда жана көз карандысыз ЖМКга жана жарандык коомго каршы чараларда анын ролу олуттуу өстү. 2023-жылы күзүндө уюшкан кылмыштуулукка каршы кеңири масштабдуу жана кылдат күрөштө УКМК жетектөөчү роль ойноп, бул күрөш процессуалдык ченемдерди сактоо жагынан тынчсыздануну жаратқан. Аскер адамдары жарандык көзөмөл астында турушат жана өлкөдө саясий чечимдерди кабыл алуу процесстерине ашкере таасир тийгизишпейт.

**ЖАРАНДЫК КООМ, ЖМК ЖАНА КАТЫШУУ**

**Жарандык коомдун масштабдары жана көз карандысыздыгы.** Конституция көз карандысыз жарандык коом үчүн жол берүүчүлүккө караганда тыюу салуучулук мүнөзгө ээ болгон негиздерди орнотот. 8-беренеде «Саясий партиялар, кесиптик бирликтер жана башка коомдук бирикмелер" түзүлүшү мүмкүн экени айтылган, бирок алардын ишмердиги үчүн бир катар бекитилген максаттар («адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын ишке ашыруу») жана шарттар ( улуттук коопсуздукка доо кетирбөө жана каржылык ачык-айкындыкты камсыз кылуу) көрсөтүлгөн. Тиешелүү эл аралык уюмдар бийликтин көз карандысыз жарандык коом үчүн мейкиндикти, өзгөчө, 2022-жылдын аягынан тартып кыскартуу боюнча биргелешкен аракеттерине тынчсызданусун билдирет. Өзбекстан менен чек ара тууралуу макулдашуунун долбооруна 2022-жылдын күзүндө каршылык көрсөтүүлөрдүн артынан көз карандысыз ЖМКга жана жарандык коомго каршы кеңири масштабдуу репресссиялар башталып, азыркыга чейин уланууда. [10] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети 2021-жылы бейөкмөт уюмдар үчүн отчеттуулуктун негизделбеген жана түйшүктүү талаптарынын белгиленишинен улам, Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө Мыйзамдын кабыл алынышына терең тынчсызданусун билдирди. Комитет мамлекет-катышуучу эл аралык укук коргоо механизмдеринин жана жарандык коомдун киргизилип жаткан милдеттенмелеринин туура эместигибоюнча көп сандаган кайрылууларын кабыл албагандыгын тынчсыздануу менен белгилеген. [11]

Парламентке «чет элдик өкүлдөр» жөнүндө россиялык мыйзамга окшош мыйзам долбоору бир нече ирет киргизилген, ал чет элдик каржылоо алган ЖКУнун ишмердигин чектемек. 2023-жылы октябрда БУУнун АУЖКБнын пресс-катчысы мыйзам долбоору «мыйзамдуу укук коргоочулук ишмердикти тандалмалуу куугунтуктоого» алып келерине тынчсыздануу орун алган билдирүү жасаган. ЕБ 2023-жылдын ноябрында Кыргыз Республикасы менен адам укуктары тууралуу диалогунда «азыркы мезгилде Кыргыз Республикасы даярдап жаткан, «чет элдик агенттердин» ишмердигин чектөөгө багытталган мыйзам ЕБдин жана эл аралык башка донорлордун кызматташтыкты жүргүзүү жөндөмүнө таасир тийгизиши мүмкүн…» экенин белгилеген. [12]

**Цензурасыз иштөө үчүн ЖМКнын көз карандысыздыгы жана плюрализм**

Конституция көз карандысыз ЖМКлар үчүн жол берүүчүлүккө караганда көбүрөөк тыюу салуучулук мүнөзгө ээ болгон негиздерди белгилейт. 10-беренеде ЖМКга мамлекеттик органдардан маалыматтарды алуу жана цензурага алынбоо укугу бекитилет, бирок алардын ишмердигинин шарттары (жаштарды коргоо жана моралдык баалуулуктарга каршы келген ишмердикке тыюу салуу) көрсөтүлөт. 29-берененин 9-пунктунда каалаган адамга жалаа жабуу үчүн кылмыш-жаза куугунтуктоосуна тыюу салынат. 2022-жылдын аягынан тартып бийлик көз карандысыз ЖМК үчүн мейкиндикти кыскартуу боюнча максаттуу аракеттерди көрүүдө. ЖМК эркиндигин мониторинг кылуу менен алектенген эл аралык уюмдар ЖМК эркиндигинин абалы кескин начарлаганын белгилешүүдө. БУУнун Адам укуктары боюнча комитети ЖМКнын эркиндигинин абалына, атап айтканда, «өз ой-пикирин, атап айтканда, өкмөттүн демилгелерин сынга алган ой-пикирлерин билдиргени үчүн өкмөт тарабынан укук коргоочуларга, жактоочуларга, саясатчыларга, журналисттерге жана башка адамдарга негизсиз кысым көрсөтүлүп жатканы, анын ичинде блогерлерге жана журналисттерге каршы кылмыш иштери козголуп жатканы тууралуу кабарларга» бир катар тынчсыздануураларын билдирген.

9 УКМК башчысы Президент тарабынан дайындалат, ал эми анын ишмердигин Президент дайындаган жана жетектеген Коопсуздук кеңеши көзөмөлдөйт.

10 Адам укуктары жаатындагы стандарттарды сактоонун мониторингине жооптуу эл аралык уюмдар кармалган активисттерге жасалган мамиле боюнча кайрылууларга тынчсыздануураларын билдиришкен. Кар., мисалы, БУУнун АУЖКБнын басма сөз катчысынын комментарийи, 2022-ж. октябрь.

11 Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча корутундулоочу эскертүүлөр, 2022-ж. декабрь, 11-б..

12 Тиешелүү эл аралык жана кыргыз ЖКУ бул мыйзам долбоору боюнча тынчсыздануураларын билдиришкен.

# 1-тиркеме – 1-берененин контекстинде саясий баа берүү(4/7)

Андан сырткары, ал жаңы мыйзамдарга жана мыйзамдарга сунушталып жаткан өзгөртүүлөргө, анын ичинде Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө Мыйзамдын аткаруу органдарына каалаган интернет-ресурсту тиешелүү соттук териштирүүлөрсүз эле бөгөттөп коюуга мүмкүндүк берген жоболоруна, улуттук телерадиоберүү корпорациясынын ишине коомдук көзөмөлдү жокко чыгарган Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө Мыйзамга, ошондой эле бардык жалпыга маалымдоо каражаттары кайра каттоодон өтүүсүн талап кылган ЖМК жөнүндө сунушталып жаткан мыйзамга тынчсызданууларын билдирген[13].

Мындай кооптонуулар өткөн жылы бийлик бир катар көз карандысыз ЖМКны жабуу боюнча аракеттерди көргөндө күчөгөн. 2023-жылы ноябрда ЕБ Кыргыз Республикасы менен адам укуктары тууралуу диалогдун алкагында «акыркы мезгилдерде Кыргыз Республикасында байкалып жаткан негативдүү тенденцияларга, улам чектелип бараткан медиа-чөйрөгө жана ой-пикирди билдирүү эркиндигине көбөйүп бараткан чектөөлөргө» өзүнүн тынчсызданУусун билдирген.

2024-жылдын январында БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын Башкармалыгынын басма сөз катчысы кыргыз бийлигинин «активисттерге, жарандык ккоомго, журналисттерге жана бийликтин башка сынчыларына кысым көрсөтүүнүн кыйла кеңири схемасынын бир бөлүгү болуп эсептелген» иш-аракеттерине тынчсыздануу билдирген. Ал ошондой эле «ой-пикирди туюндуруу эркиндигин, анын ичинде ЖМК эркиндигин чектеген ЖМК жөнүндө мыйзам долбоору боюнча тынчсызданып жатканын» да айткан.

**Жарандык жана саясий катышуунун көп сандаган каналдары**

Конституциянын 7-беренесинде дайындалуучу жаңы орган – «кеңешүүчү, байкоочу жыйын» катары Элдик курултайдын болушу тууралуу да айтылат, анын функцияларын сыпаттоочу атайын бөлүм болбосо да «коомдун өнүгүү багыттары боюнча сунуштамаларды берери» көрсөтүлгөн. Бул орган жарандык катышуунун кошумча каналы катары канчалык деңгээлде натыйжалуу иштей тургандыгын айтууга азырынча эрте. Венеция комиссиясы анын «статусун, курамын жана функцияларын» тактоону жана Министрлер кабинетинин мүчөлөрүн бошотууну, Соттор кеңешинин мүчөлөрүн дайындоону ж. б. киргизүү менен анын ыйгарым укуктарын кайра кароону сунуштаган[14]

2024-жылдын январында Президент С. Жапаров коомчулуктун өкүлдөрүнөн, анын ичинде мамлекеттик органдардын ишин көзөмөлдөгөн жарандык коомдун активисттеринен турган коомдук кеңештерди жоюу жөнүндө мыйзамга кол койгон.

**Саясий партияларды түзүү эркиндиги жана уюшкан оппозициянын болушу**.
Жарандык коом тууралуу бөлүмдө белгиленгендей, Конституциянын 8-беренесинде саясий партияларды түзүү укугу бекитилген, бирок мында жол берүүчүлүккө караганда көбүрөөк тыюу салуучулук мүнөзгө ээ болгон бир катар шарттар белгиленген. Оппозициялык талапкерлер жана партиялар 2021-жылы январда президенттк жана 2021-жылы ноябрда парламенттик шпйлоолорго катыша алышты. Бирок оппозициялык ишмердик үчүн шарттардын солгундоо белгилери байкала баштады. 2023-жылдын сентябрында Адахан Мадумаров, президенттик шайлоолордо оппозициядан негизги талапкер жана «Бүтүн Кыргызстан« партиясынын лидери, депутаттык кол тийбестиктан ажыратылып, 2009-жылы Тажикстан менен макулдашууга кол койгондугу үчүн мамлекеттик чыккынчылыкка айыпталган, бул макулдашуу Кыргызстандын кызыкчылыктарына туура келбейт деп табылган.

**МЫЙЗАМДЫН ҮСТӨМДҮГҮ ЖАНА СОТ АДИЛЕТТИГИНЕ ЖЕТҮҮ**

Мыйзамдын үстөмдүгү. Бул Саясий баа берүү үчүн контекстке 2020-жылдын октябрындагы парламенттик шайлоолордун жыйынтыктарын жокко чыгаруудан кийин келип чыккан конституциялык жана укуктук боштук негиз түзгөн. Мындан кийинки өткөөл чаралар импровизациянын натыйжасы болуп калды. Убактылуу президентти дайындоо менен байланышкан белгисиздик мезгилинен кийин ошол учурдагы парламент өз мандатын 2021-жылдын ноябрында өткөрүлгөн жаңы парламенттик шайлоолорго чейин бир жылга созулган мезгилге узартуу чечимин бир жактуу кабыл алган.[15]

[13] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча өзүнүн Корутундулоочу комментарийлеринде, 2022-ж. декабрь, 3-б.

[14] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору тууралуу биргелешкен ой-пикир, 2021-ж. март, 6-б.

[15] Бул мезгилде парламент тарабынан кабыл алынган, өлкөнүн узак мөөнөттүк өнүгүүсүнө таасир тийгизген айрым чечимдердин мыйзамдуулугу боюнча кооптонуулар айтылган.

# 1-тиркеме – 1-берененин контекстинде саясий баа берүү (5/7)

European Bank
for Reconstruction and Development

2021-жылы январда, 2021-жылдын апрелинде референдумда жаңы Конституция жактырылгандан үч ай мурун Садыр Жапаров 2010-жылдагы Конституциянын жоболоруна ылайык президент болуп шайланган. Конституцияны кайра кароо процесси жалпыны камтыган. Президенттик шайлоолор менен бир мезгилде референдумга коюлган суроо президенттик системага өтүүнү жактырган. Сентябрда парламенттик шайлоолорду өткөрүүдөн кийин түзүлгөн саясий, конституциялык жана укуктук база кескин түрдө өзгөргөн.[16]

Конституция мыйзамдын үстөмдүгү үчүн негиздерди түзөт. 6-беренеде бир катар тиешелүү кепилдиктер, анын ичинде «эл аралык укуктун принциптери менен ченемдери» жана эл аралык келишимдер «укук тутумунун ажырагыс бөлүгү» болуп эсептелери белгиленген. Венеция комиссиясынын биргелешкен корутундусу 2021-жылдагы Конституцияда Конституциялык соттун калыбына келтирилишин колдоого алган.[17]

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети жарандар ортосундагы талаш-тартыштарды чечүүдө расмий юридикалык макамга ээ эмес, ал эми мүчөлөрү юридикалык даярдыкка ээ болбогон аксакалдар сотторунун квазисоттук ролуна тынчсызданганын билдирген. Комитет алар «иштерди салттык маданий жана моралдык ченемдердин негизинде чече алышарын, бул болсо калктын аялуу топоруна, өзгөчө, аялдар менен балдарга терс таасирин тийгизерин» белгилеген.[18]

### Сот бийлигинин көз карандысыздыгы

Конституция сот бийлигинин көз карандысыздыгы үчүн жарым-жартылай негизди белгилейт. 95-беренеде соттордун көз карандысыздыгын коргоо боюнча бир катар чаралар көрсөтүлгөн. Бирок башка бир катар жоболор сот системасын дайындоодо жана жөнгө салууда Президентке пропорциялуу эмес чоң роль ыйгарат. Венеция комиссиясы «сот бийлигинин бийликтин мыйзам чыгаруу жана аткаруу бутактарынан, анын ичинде Президенттен көз карандысыздыгын күчөтүү» үчүн Конституциянын жоболорун кайра карап чыгууну сунуштаган. Атап айтканда, Венеция комиссиясы «Соттор кеңешинин мүчөлөрү сот бийлиги тарабынан тандалып алынышын жана бардык деңгээлдерде сот бийлигинин өкүлчүлүгүн камсыз кылууга тийиштигин; алмаштырылбастык принциптерин жана кызматта туруу кепилдиктерин так аныктап алууну; соттор үчүн беш жылдык сыноо мөөнөтүн толугу менен кайра карап чыгууну; сотторду которуштуруу тууралуу жобону кайра карап чыгууну жана Соттор кеңешинин Конституциялык соттун судьясынан башка бардык сотторду дайындоо, илгерилетүү, которуу жана дисциплиналык процедура боюнча чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарын күчөтүүнү сунуштаган.[19] Бул сунуштамалар Кыргызстандын бийлиги тарабынан кабыл алынган эмес.

### Өкмөт жана жарандар мыйзамга бирдей даражада баш ийишет.

Конституция өкмөттүн жана жарандардын мыйзамга бирдей баш ийүүсү үчүн негиздерди белгилейт. 15-берене жеке менчикти коргоонун, анын ичинде мамлекетттин күч менен тартып алуусунан коргоонун бир катар чараларын аныктайт. 24-берененин 20-пунктунда айтылгандай, «Мыйзамдын жана соттун алдында бардыгы бирдей". 204-беренеде «сот адилеттиги акысыз ишке ашырылары», анын ичинде сот чыгымдарын төлөөгө мүмкүнчүлүгү жоктор үчүн акысыз экени айтылган.

### Коррупциянын алдын алуу үчүн натыйжалуу саясат жана институттар

Конституцияда коррупцияны жок кылуунун маанилүүлүгү тууралуу айтылган. 4-беренеде мамлекеттик бийлик «мамлекеттик жана муниципалдык кызмат адамдарынын коррупция үчүн шарттарды түзгөн аракетине (же аракетсиздигине) тыюу салууну» камтууга тийиш экендиги көрсөтүлгөн. Бардык жердеги жана туруктуу коррупцияга наразычылык 2020-жылы октябрда каршылык көрсөтүүлөргө, президент Жээнбековдун отставкага кетишине жана күчтүү президенттик системага өтүүнү коомдук колдоого таасир эткен маанилүү фактор болуп эсептелген. Бийликке келген учурунан баштап президент Жапаров бизнесмендерди жана ишкерлерди салыктарды төлөбөгөнү жана мыйзамсыз активдердин башка түрлөрү үчүн мамлекетке төлөп берүүлөрдү кылмыш-жаза куугунтуктоонун жоктугу менен алмаштырууга ынандыруу боюнча кампанияны жетектеди. 2023-жылдын күзүндө бийлик уюшкан кылмыштуулукка каршы максаттуу күрөштү баштап, анын жүрүшүндө белгилүү башчысы жок кылынган жана көптөгөн башка фигуралар камакка алынган. Мындай аракеттер калктын кеңири колдоосуна ээ болууда деп айтууга болот.

[16] Венеция комиссиясы Конституцияны шашылыш иштеп чыгууга жана коомчулук менен талапка ылайык кеңешүүлөрдүн жоктугуна тынчсызданyусун билдирген.
[17] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору тууралуу ой-пикир, 2021-ж. март 2021, 4-б. 2023-жылы октябрда Президент Жапаров президент тарабынан каршылык болгон учурда анын чечимдерин кайра карооо уруксат берген мыйзамга кол койгон. Мындай чаранын натыйжаларын баалоого али эрте.
[18] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча өзүнүн Корутундулоочу комментарийлеринде, 2022-ж. декабрь, 9-б.
[19] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен корутунду, 2021-ж. 19-март, 6-б. Бул кооптонуулардын көпчүлүгү БУУнун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча Корутундулоочу комментарийлеринде кайталаган, 2022-ж. декабрь 2022, 9-б.

# 1-тиркеме – 1-берененин контекстинде саясий баа берүү (6/7)

Өлөлөрдүн коррупция менен күрөшүү аракеттеринин мониторингине жооптуу эл аралык уюмдар Кыргызстандын бийлигинин учурдагы антикоррупциялык кампаниясына тынчсыздануулары билдиришкен. БУУнун Адам укуктары боюнча комитети «коррупциянын кескин, анын ичинде соттор арасында өсүшүн көрсөткөн» кабарларга тынчсызданууcун билдирген. Ал ошондой эле жогорку даражалуу чиновниктер арасындагы коррупцияны иликтөөдө ачык-айкындыктын жоктугуна жана болжолдуу түрдө мыйзамсыз алынган активдерди конфискациялоо боюнча чараларга тынчсызданууcун да көрсөткөн.[20] Коррупцияны кабыл алуунун жакында жарыяланган эл аралык рейтингдери да Кыргызстандын бийлигинин коррупция менен күрөшүүдөгү аракеттеринин ийгиликтүүлүгүнөн шек жаратат.[21]

## ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР

### Сөз, маалымат, дин, абийир, ары-бери жүрүү, бирикмелер, жыйындар жана жеке менчик эркиндиги

Конституция Кыргыз Республикасынын жарандары жарандык укуктардын жана адам укуктарынын кеңири спектрин ишке ашыруусу үчүн негиздерди белгилейт. Венеция комиссиясынын 2021-жылдагы Конституция боюнча корутундусунда бул жоболордун маанилүүлүгү колдоого алынган.[22] Преамбулада «адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо жана сыйлоо милдеттенмеси» тастыкталат. II жана III главаларда коргоонун тиешелүү чараларын тастыктаган бир катар жоболор орун алган. 23-берене адамдын укуктары менен эркиндиктеринин маанилүүлүгү тууралуу чечкиндүү түрдө билдирет, ошол эле учурда аларды иш жүзүндө коргоо үчүн бир катар шарттарды белгилейт. 53-беренеде: «адамдын өз укуктары менен эркиндиктерин жүзөгө ашырышы башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин бузбашы керектиги» айтылган. Венеция комиссиясы «ачык-так эмес туюндурмалардан жана айрым алынган адамдардын укуктары менен мамлекеттин милдеттенмелерин туюндуруудагы туюндурмалардан» качуу үчүн конституциялык жоболорду күчөтүүнү жана негизги укуктарды коргоону так аныктоону сунуштаган. Ал ошондой эле Адам укуктар боюнча ыйгарым өкүлдүн «институционалдык көз карандысыздыгын» күчөтүү сунуштамасын берген. БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Адам укуктары боюнча ыйгарым өкүл адам укуктарын сыйлоо жана коргоо боюнча улуттук мекемелердин макамына тиешелүү принциптерге (Париж принциптерине) шайкеш келбегендигине тынчсызданууcун билдирген.[23] Демократия жана адам укуктарынын стандарттарынын мониторингине жооптуу эл аралык уюмдар 2023-жылы май айында парламенттин Өзбекстан менен чек ара тууралуу келишимге каршы чыккан активисттерди камоого байланыштуу Акыйкатчыны бошотуу тууралуу чечимине тынчсыздануну билдиришкен.[24]

### Аялдар, этностук жана башка азчылыктар үчүн саясий инклюзивдүүлүк

Конституция саясий инклюзивдүүлүктүн жана басмырлоонун алдын алуунун негиздерин белгилейт. 1-берененин 1-пунктунда айтылгандай, «Кыргызстандын элин бардык этностордон турган Кыргыз Республикасынын жарандары түзөт». 13-беренеде бардык этностук топторго «эне тилин сактоо, окуп-үйрөнүү жана өнүктүрүү укуктары кепилденери» көрсөтүлгөн. 24-берененин 1-пунктунда «Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес» экендиги айтылган.

БУУнун тиешелүү органдары 24-беренеде басмырлоого негиз катары сексуалдык багыт алууга тике көрсөтмөнүн жоктугуна тынчсыздануну билдиришкен. Тиешелүү эл аралык органдар ошондой эле көмөкчү мыйзамдардын чабалдыгына, атап айтканда, сексуалдык ориентация жана гендердик идентүүлүк белгиси боюнча коргоо орун алган, жалпыны камтыган басмырлоого каршы мыйзамдын жоктугуна тынчсыздангандыкты айтышкан. Алсак, алар Кылмыш-жаза кодексинин расалык, этностук, улуттук, диний же региондор кастыкты (араздашууну) козутуу үчүн жазаны караган 330-беренесинде сексуалдык ориентация жана гендердик идентүүлүк белгиси боюнча кастык же жек көрүү камтылбаганын белгилешкен.

[20] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча өзүнүн Корутундулоочу комментарийлеринде , 2022-ж. декабрь 3-б.
[21] Transparency International коррупцияны кабыл алуу индексине ылайык, 2020-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын көрсөткүчү 31ден 27ге чейин төмөндөгөн, бул болсо 180 өлкөнүн арасында анын рейтинги 124төн 140ка түшүүсүнө алып келген.
[22] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору тууралуу биргелешкен ой-пикир, 2021-ж. 19-март, 4-6.
[23] Атап айтканда, Венеция комиссиясы Акыйкатчынын жана анын кызматкерлеринин ыйгарым укуктары учурунда жана андан кийинки мезгилде расмий түрдө айткан же жазган сөздөрү, кабыл алган чечимдери же жакшы ниет менен жасаган иш-аракеттери үчүн жарандык, административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилигинен функционалдык иммунитетин киргизүүнү сунуштаган. Кыргыз Рнспубликасынын Конституциясынын долбоору тууралуу биргелешкен ой-пикир, 2021-ж. 19 март, 6-б.; Бул кооптонуулар БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча Корутундулоочу комментарийлеринде кайталанган., 2022-ж. декабрь.
[24] ЕККУнун Демократия, адам укуктары жана гуманитардык маселелер боюнча Парламенттик ассамблеясынын билдирүүлөрү, 2023-ж. апрель.
[25] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча Корутундулоочу комментарийлеринде, 2022-ж. декабрь, 3-б.

# 1-тиркеме – 1-берененин контекстинде саясий баа берүү (7/7)

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети «сексуалдык багыт алууга (ориентация) жана гендердик идентүүлүккө негизделген айтымдардын жана жек көрүүнүн натыйжасындагы кылмыштар тууралуу билдирүүлөр түшүүсүнүн уланышына» тынчсызданууcун билдирген.[25] Кыргыз Республикасында ЛГБТ+ коомчулук мурдагыдай эле стигматташтырылган жана коомдук көз караштарга жана дискриминацияга дуушар болууда. ЖКУ 2023-жылы августта күчүнө кирген «Балдардын саламаттыгына зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө» Мыйзамга байланыштуу тынчсыздануда. Анда «үй-бүлөлүк баалуулуктарга доо кетирген» жана «салттуу эмес сексуалдык мамилелерди жайылткан» материалдар мыйзамдан сырт каралат.

Көз карандысыздык жылдарында этностук славяндардын кетишинин эсебинен калк арасында этностук кыргыздардын үлүшү олуттуу түрдө өскөн. Ошентсе да Кыргыз Республикасы этностук жактан көп түрдүү өлкө бойдон калууда, анда этностук кыргыздар калктын 75 %га жакынын, өзбектер 15 %ын, ал эми орустар 5 %ын түзөт.

Акыркы жылдарда өлкө ичинде этностор аралык зомбулуктун олуттуу учурлары болбогону менен, 2010-жылдын июнунда түштүктө болгон, этностук өзбектер жабыр тарткан окуялардын кесепеттери толук жоюла элек.[26] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети мурдагыдай эле саясий органдарда жана жетекчи кызматтарда этностук азчылыктардын өкүлчүлүгүн көбөйтүүдөгү прогресстин төмөн деңгээлине тынчсызданууда. Комитет өзбек мектептеринин кыскаруусуна жана азчылыктардын тилинде билим берүү, анын ичинде кесиптик же университеттик билим берүүгө көмөктөшүү боюнча натыйжалуу кепилдиктер менен конкреттүү чаралардын жоктугуна тынчсызданганын билдирген.[27]

Конституциянын 3-параграфында: «Эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге жана аларды жүзөгө ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ», - деп айтылат. Бирок тиешелүү органдар өкмөттө аялдар өкүлчүлүгүнүн деңгээли төмөн экендигине «терең тынчсызданууcун» билдиришкен. Шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча миссиянын (ШБМ) отчетунда 2021-жылы ноябрдагы парламенттик шайлоо кампаниясынын жүрүшүндө аялдардын «активдүүлүгү төмөн» болгону белгиленген. Жаңы парламентке болгону 19 аял-депутат келген (21 %), ошентсе да бул өткөн парламенттеги 17%га караганда көбүрөөк. БУУнун Адам укуктары боюнча комитети аялдардын коомдогу абалы, анын ичинде үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан коргоо, эрте жана мажбурланган нике боюнча бир катар тынчсыздануулары билдирген. Ал ошондой эле сексуалдык жана гендердик зомбулукту тергөөлөрдүн токтотулуп коюлушуна жана тиешелүү айыптоо өкүмдөрүнүн саны аздыгына да тынчсызданганын көрсөткөн. [28]

**Куугунтуктоолордон, коркутуулардан жана кыйноолордон эркиндик.** Конституция жарандардын куугунтуктоолорго, коркутууларга жана кыйноолорго дуушар болбоосу үчүн негиз түзөт. II жана III главаларда тиешелүү коргоону тастыктаган бир катар жоболор орун алган. 25-беренеде: «Ар бир адам ажыратылгыс жашоо укугуна ээ… Эч кимдин өмүрү өзүм билемдик менен кыйылышы мүмкүн эмес. Өлүм жазасына тыюу салынат» деп айтылган. 56 (4)-беренеде көрсөтүлгөндөй, «Эч ким кыйноолорго жана башка катаал адамгерчиликсиз, ырайымсыз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерге жана жазлоого дуушар болбоого тийиш». БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбор өз мандатын натыйжалуу жана көз карандысыз түрдө аткарышы үчүн жетишсиз колдоо көрсөтүлгөнүнө, ошондой эле Кылмыш-жаза–процессуалдык кодексине түзөтүүлөрдү киргизүүгө тынчсыздануу билдирген. Комитет мурдагыдай эле «эркиндиктен ажыратылган адамдарды кыйноолор жана ырайымсыз мамиле кылуу учурларында жазасыз калуунун бийик деңгээлине» жана кыйноолорду колдонуу коркунучу тууралуу ишенимдүү кабарларга карабастан адамдарды экстрадициялоо тууралуу билдирүүлөргө тынчсызданууда. Ал эркиндиктен ажыратуу жайларындагы болжолдуу түрдө кыйноолордон жана ырайымсыз мамиле кылуудан, ошондой эле абактарда кармоонун начар шарттарынан улам өлүмгө дуушар болуулар тууралуу билдирүүлөргө тынчсыздануусун билдирген .[29]

[26] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети 2010-жылдагы зомбулук учурунда адам укуктарынын бузулушу толук, көз карандысыз жана натыйжалуу иликтөөгө алынбаганына тынчсызданат. БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча Корутундулоочу комментарийлеринде, 2022-ж. декабрь, 6-б.
[27] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча Корутундулоочу комментарийлеринде, 2022-ж. декабрь, 11-12-бб.
[28] ДИАУБДун шайлоолорго байкоо жүргүзүү боюнча миссиясы, Корутундулоочу отчет, 2022-ж. май, 2-б.; БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча Корутундулоочу комментарийлеринде, 2022-ж. декабрь, 4-б.
[29] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети Кыргызстандын үчүнчү мезгилдүү доклады боюнча Корутундулоочу комментарийлеринде, 2022-ж. декабрь, 6-8-бб.